# БОРБОР АЗИЯДАГЫ АДАМ УКУГУН КОРГОО

## Квартал сайын чыгып туруучу маалымат-аналитикалык бюллетень

«Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоору

№ 2 ЧЫГАРЫЛЫШЫ [июль-сентябрь 2009 жыл]




«Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоору

Согуш жана Бейпилдикти чагылдыруу институту (IWPR)

***Урматтуу окурман!***

Сиздердин назарыңыздарга Борбор Азия өлкөлөрүндөгү адам укугун коргоо маселелерине арналган маалымат аналитикалык бюллетендин экинчи чыгарылышын тартуулайбыз. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып бюллетенди кызык жана керектүү деп тапкан окурмандарга ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Бул бюллетень «Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоорунун негизинде түзүлдү. Долбоор Европалык комиссиянын колдоосунда Согуш жана Бейпилдикти чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан даярдалды. Долбоордун негизги максаттарынын бири Борбор Азия өлкөлөрүндө адам укугун коргоо тармагында калктын маалымдуулук деңгээлин жогорулатуу болуп саналат.

Долбоор Кыргызстандагы балдардын билим алуусу, Тажикстандагы жан кечтиликтин санынын көбөйүшү, Казакстандагы сөз эркиндигин сактап калуу жана ушул сыяктуу маселелерди козгоп аларды чечүүгө диалог куруу мүмкүнчүлүгүн түзүп берет. Долбоордун ишкерлигинин дагы бир багыты: өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүн коомчулук менен байланышуу, массалык-маалымат каражаттары менен кызматташууга үйрөтүү жана журналисттер үчүн бул тармакта адам укугун коргоонун эл аралык стандарттарын, улуттук мыйзамдын өзгөчөлүктөрүн изилдөө тренингдерин өткөрүү.

Бүгүнкү күндө бул долбоор боюнча IWPR Европа, Афганистан, Иран, Ирак, Сирия, Филиппины, Уганда, Түндүк Африка, Зимбабве, Кавказ жана Борбор Азия өлкөлөрүндө иш алып барат. Борбор Азия аймагында IWPR 1999 жылдан бери ийгиликтүү эмгектенет. Бул мөөнөттө IWPR мамлекеттик сектор, өкмөттүк эмес уюмдар жана медиа топтор менен конструктивдүү шериктештикке жетишти. IWPR биринчилерден болуп жергиликтүү журналисттер менен кызматташып алардын чет мамлекеттик кесиптештери менен мамиле түзүүсүнө көмөктөш болду. Жаңы байланыштар пайда болуп, туруктуу пикир, тажрыйба, билим алмашуулар таасирдүү кызматташтыкты камсыздады.

Бул ийгиликтүү ишкерликтин натыйжасында түрдүү көз караштар жана тил өзгөчөлүктөрүнө карабастан www.iwpr.net. сайтында көптөгөн биргелешкен кабарлар даярдалды. IWPR демократиянын өнүгүшү, адам укугу жана башка маанилүү маселелерди чагылдырууга зор салымын кошту.

Бюллетендин ар бир чыгарылышында биз сиздерди долбоордун ишкердүүлүгү менен тааныштырып, Казахстан, Кыргызстан, Тажикстан, Туркменистан жана Өзбекстан мамлекеттериндеги адам укугунун бузулушундагы кээ бир жагдайлар жана биздин аймактын өлкөлөрүндөгү адам укугун коргоо тармагындагы кырдаалды объективдүү чагылдырууга аракет кылабыз.

# ЧЫГАРЫЛЫШТА:


03 ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

05 ФРИДОМ ХАУСТУН МААЛЫМАТЫ БОЮНЧА БОРБОР АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНДӨГҮ СӨЗ ЭРКИНДИГИНИН РЕЙТИНГИ

06 КЫРГЫЗСТАНДАН АКТУАЛДУУ МАЕК

06 КАЗАХСТАН

**Казакстандын мектептериндеги зордук-зомбулук менен күрөшүү**
*Укук коргоочулар мектептердеги окуучуларга болгон мамилени кылдаттык менен изилдөөнү талап кылышат.*

**Кулчулукка сатуу маалыматтары бурмаланып берилген.**
*Адистердин айтуусунда кулчулукка сатуунун саны расмий маалыматтарда берилгенден бир топко көп.*

12 КЫРГЫЗСТАН

**Үй-бүлөдөгү сексуалдык зордук-зомбулук жазаланбайт.**
*Үй бүлөөдөгү аялдарга болгон сексуалдык зордук-зомбулукка толеранттуу көз караш жана аялдын өз укуктары жөнүндө маалым болбогондугу аялдарды коргоо ишин татаалдаштырат.*

**Камакка алынгандарга каршы колдонулган зордук-зомбулукту токтотуу тууралуу мыйзамдын кабыл алынышына болгон үмүттөр.**
*Адисттердин айтуусунда, кыйноолорго каршы механизм, аны аткарган оргaндын бийликтен көз карандысыз болгонунда гана ишке ашат.*

17 ТАДЖИКИСТАН

**Тажикстандагы эрте никелешүүгө каршы күрөш.**
*Укук коргоочулар мыйзамды оңдоо Тажикстандагы эрте никеге туруудагы түзүлгөн курч кырдаалды өзгөртөт деген ойдо.*

**Тажик аскерлери минадан жараат алгандыгы үчүн компенсация алуу укуктарын коргоп жатышат.**
*Минадан жабыркаган мурунку аскер кызматкерлери, мамлекет аларга көңүл кош мамиле кылууда деген ойлорун айтышууда.*

22 ӨЗБЕКСТАН:

**Өзбекстан: пахта талаасында балдар эмгегин колдонууну алып салуу мүмкүнбү?**

**Борбор Азиядагы IWPRдин кызматкерлери.**
*Өзбек бийлиги укук коргоочуларга каршы бардык бурамаларды бекитти. Демилгечилер демонстрация өткөрүү үчүн мыйзамдын мүчүлүштүктөрүн издөөдө.*

26 БИЗДИН ШЕРИКТЕШТЕРИБИЗ

## ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

### Тегерек стол «Казакстандагы жаштардын укугунун бузулушу»

*8 июля 2009 жылдын 8 июлунда Алматыда "Жаш адисттер коому" Республикалык коомдук уюму менен бирдикте өткөрүлгөн тегерек столдо Казакстандагы жаштардын укугун коргоо маселелери талкууланды.*



Казакстандын жаштар коомунун, Алматы жогорку окуу жайларынын студенттик комитетинин өкүлдөрү, жаштар саясаты боюнча адистер жана журналисттер " Жогорку билим берүү сапаттуулугун жогорулатуу процессинде чечимдерди кабыл алууга катышкан Казакстан жаштарынын мүмкүнчүлүгүн көтөрүү" долбоорунун алкагында РОО "ОМП" тарабынан даярдалган социологиялык изилдөөнүн жыйынтыгы менен таанышты.

Тегерек столдун катышуучулары изилдөөнүн натыйжасынын негизинде студент жаштар, жалпысынан, бүгүнкү казак коомундагы кырдаалды чагылдырганын баса белгилешти. Изилдөнүн натыйжалары билим берүү системасындагы паракорчулук жана башка бир топ кемчиликтерге карабастан, студенттер Казакстандагы жаштар саясатына сынсыз оң көз караште болуп, өз окуу жайларындагы жетекчиликтин ишкерлигин колдогонун ачык айгинеледи.

Ошол эле учурда саясат таануучу Имебргенов Ерлан, билим алуу мүмкүнчүлүгү жана жаштардын укугун коргоо бири-бири менен тыгыз байланышта болуп айкалышып тураарын, жана сурамжылоонун жыйынтыгы билим берүүнүн сапаттулугуна шек келтирип, студент жаштардын чечим кабыл алууга катышуу институтунун начар өөрчүгөнүн далилдегенин айтып өттү.

Тегерек столдун корутунду бөлүгүндө, акыркы шайлоодогу студенттерге басым колдону лганын далилдеген видеотасмалар көрсөтүлдү. Электораттдык мөөнөттө студенттердин укугун бузуу эң курч маселе болуп, тегерек столдун катышуучуларынын арасында курч талкуулоолорду жаратты.

Тегерек столдун катышуучулары мындай иш-чаралар жаштар уюмдарынын арасындагы маек куруу, пикир алмашуу, байланышуу мүмкүнчүлүгүн түзүп, жаштардын жана студенттердин көйгөйлөрүнө ММКтарынын көңүлүн бөлөт деген ойлорун билдиришти.

*Бардык убакта эле адам укугун бузуу бала мектепке киргенде эле башталат. Эгер убагында аны токтотпосо, кырдаал күчөй берет. Андыктан бүгүндөн калтырбай чара көрүү керек. Анын актуалдыгы жаштардын укугун бузуучу көп окуялар менен эчак эле далилденген.*

*Бул иш-чаранын пайдалуулугун 100 пайызга баалайм. Менимче бардыгы болбосо да, көптөгөн ата-энелер мени менен макул болот.*

***Тегерек столдун катышуучусу.***



# ТРЕНИНГ-МАШЫГУУЛАР

**Адам укугу. Эл аралык тартип. Улуттук мыйзам.»**

*IWPR Борбор Азиядагы адам укугу Долбоорунун алкагында Казакстанда жана Кыргызстанда бир нече тренинг-машыгууларды өткөрдү. Анын максаты, укук коргоочулардын тобу менен аймактык ММКтар ортосундагы байланышты түзүү болду.*

*Иш-чаралар Кыргызстандын түштүгү Жалал-Абадда, Бишкекте жана Казакстандын Алматы шаарында өттү.*

*Тренингдин катышуучусу.*

Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан укук коргоочу уюмдардын жыйырма өкүлү Жалал-Абаддагы семинарга катышып, пенитенциардык мекемелердеги жана убактылуу абакка алуу жайларында адам укугун коргоо мониторингин талкууга алышты.

Бул семинардын максаты, демилгечилерди эл аралык тартипте жана улуттук мыйзамды сактоо менен бирдикте мониторингди практикалык түрдө өткөрүүгө үйрөтүп, убактылуу абакка алуу жайларындагы мониторингде өкмөттүк эмес уюмдардын мартабасын көтөрүү менен бирге жабык мекемелердин иш-аракеттерин коомчулукка тааныштырууну көздөйт. Өз учурунда бул-адамдын укугун коргоого кепилдик түзөт.

Катышуучулардын баамында тренингдер пайдалуу болуп, алардын билимин, тажрыйбасын жогорулатты. Ошондой эле кесиптештери менен пикир алмашууга, ой бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк түздү.

Бишкекте өткөн тренинг ӨЭУдардын(НПО) аброюн көтөрүүгө аракет кылып, аларды адам укугун коргоодо кыргыз мыйзамдарын жана эл аралык мыйзамдарды айкалыштыруу максатында өкмөтттүк мекемелер менен кызматташууга үндөдү.

*IWPR жана Европа комиссиясынын «Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоорунун алкагында болгон тренинг жаш кабарчылар үчүн өтө пайдалуу. Анткени биз күнүгө адистигибизде жана коомдук турмушта адам укугун бузууларга дуушар болобуз. Тренингдеги визуалдык материалдар жана оюн аркылуу түзүлгөн көнүгүүлөр түшүнүгүбүздү тереңдетүүгө түрткү болду.*

*Тренингдин катышуучусу.*

Семинарда республиканын ӨЭУдарынын мүчөлөрү, ошондой эле Дене тарбия жана спорт боюнча агенттигинин Балдар укугун коргоо департаментинин расмий өкүлдөрү, Кыргыз республикасынын өкмөтүнүн алдында түзүлгөн жаштарды жана балдарды коргоо бөлүмүнүн кызматкерлери катышты.

Адам укугун жана мыйзамды коргоо Борборунун Караганда филиалынын жетекчиси, машыктыруучу-окутуучу Юрий Гусаков, семинардагы өкмөт башчыларынын катышуусу-олуттуу факт деп белгиледи.

IWPR үчүн жазган казак кабарчылары Алматыдагы тренингге катышып, журналист жаза турган макаласы үчүн адам укугу тууралуу билимин жогорулатышты. Катышуучулар адам укугун коргоо тармагындагы негизги түшүнүктөр, адам укугун коргоонун тарыхы менен таанышып конвенцияларды изилдешти.

IWPR мындай иш-чараларды өткөрүп, анын катышуучулары жумушунда колдонууга тажрыйба алуу үчүн маалымат, байланыш, материал алууга мүмкүнчүлүк түзүүнү максат кылат.

Андан башка бул уюмдар коомдук мониторинг өткөрүү боюнча практикалык тажрыйба алып, коомдун пайдасы үчүн иштөөгө түрткү болот.

*Адам укугун коргоо темасы дайыма актуалдуу болуп кала берет. Коомду адам укугу кызыктырат. Демек кабарчыларды биринчи ирет кызыктырышы керек. Тренинг интерактивдүү түрдө өтүп, материалды кабыл алууга чоң көмөк көрсөттү.*

***Тренингдин катышуучусу.***

## БАЛДАРДЫН БИЛИМ АЛУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ

*«Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоору, “Балдар укугун коргоо лигасы” коомдук фонду, КРсынын өкмөтүнүн алдындагы Дене тарбия, жаштар жана спорт агенттигинин балдарды коргоо департаменти, КР мыйзамын изилдөө жана сактоо боюнча балдарга билим берүү боюнча парламенттин убактылуу комиссиясынын катышуусунда 2009 жылдын май айынан 2010 жылдын январь айына чейин “Эл аралык жана улуттук стандартта балдар укугун коргоодогу мектептердеги абал” деген темада бир нече тегерек стол өткөрүлмөкчү.*



Бул иш-чаралар республиканын бардык областтарында өтүп жатат. Тегерек столдун максаты, балдардын билим алуусуна шарт түзүү жана жалпы билим берүү мекемелеринде балдар укугунун бузулушун ачыкка чыгаруу болуп саналат. Бүгүнкү күндө бул коомдун көңүлүн өзүнө бурган актуалдуу көйгөйгө айланды. Кыргызстан ар бир адамдын билим алууга укуктуулугун тааныган бардык экономикалык, социалдык, маданий укуктарды камтыган Эл аралык пакттты ратификациялаган өлкө болуп саналат. Андан башка мамлекет, ага баш ийген органдар аркылуу башталгыч билим алуу бардык жарандар үчүн бекер жана милдеттүү түрдө болушун камсыздоону мойнуна алат(п.а, ч.2 ст.13 МПЭСКП). Тегерек столдордо мындай бекер билим алууда укук бузуулар талкууланып, мектеп формасынын милдеттүү киргизилишин, мектепке кирүүдөгү тесттик форманын маанисин, мектеп рэкети, мыйзамсыз акча чогултуулар андан башка жалпы билим берүү мекемелериндеги психологиялык басым жана күч колдонуу фактылар каралды.


Тегерек столдун жыйынтыктары боюнча уюштуруучулар катышуучулар менен бирдикте билим алууда кырдаалды жакшыртуу боюнча балдардын кызыкчылыгын чагылдырган кеңештерин түзүп, отчетко киргизишет.

Талкууда парламентарийлер, өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле окуучулар катышат.

## “Эркин кабарчылар” түзгөн пресса эркиндигинин индекси:


### Борбор Азия өлкөлөрү

Таджикистан




| | |
|---|---|
| 2009 | 113 ▼ |
| 2008 | 106 ▲ |
| 2007 | 115 ▲ |

Кыргызстан




| | |
|---|---|
| 2009 | 125 ▼ |
| 2008 | 112 ▼ |
| 2007 | 110 ▲ |

Казахстан



| | |
|---|---|
| 2009 | 142 ▼ |
| 2008 | 125 = |
| 2007 | 125 ▲ |

Өзбекстан



| | |
|---|---|
| 2009 | 160 ▲ |
| 2008 | 162 ▼ |
| 2007 | 160 ▲ |

Түркмөнстан



| | |
|---|---|
| 2009 | 173 ▼ |
| 2008 | 171 ▼ |
| 2007 | 167 = |

*UNICEFдин маалыматы боюнча Кыргызстанда 60 миң бала мектепте окубайт. Ошол эле учурда алар КР Конституциясы боюнча орто билим алууга укуктуу. КР ЖКинин депутаты Гульжамал Тиленбаевнанын ою боюнча бул маселе боюнча натыйжасыз талкуулоолорду четке кагып, суроону кабыргасынан коюу керек. Балдардын билим алуусуна ким жана кандайча жолтоо болуп алардын укугун бузуп, келечектен кем кылып жатат? Мындай балдардын укугун кантип коргоо керек?*

**2009 жылдын 25 июнунда парламентарийлер тарабынан балдардын билим алуу укугун коргоо боюнча мыйзамдын сакталышындагы кырдаалды көзөмөлдөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүлгөн. Мындай чечим эмне себептен пайда болду?**

**Асыл Осмоналиева, Бишкек ш.**

- Депуттаттар бир нече ирет ата-энелерден, коомдук уюмдардын мүчөлөрүнөн оозеки жана жазуу түрүндөгү кайрылуу арыздардын алышты. Ал кайрылууларында мектеп жетекчилиги балдардан акча чогултуп, акча берүүгө мүмкүнчүлүгү жок окуучуларды окутпай койгон учурлар айтылат. Андан башка башкаруу органдар мектепке кирүүдө жасалма тоскоолдуктарды түзөт, сабактан жетишпеген балдарды чыгарып салышкан. Биз мындай кооптуу билдирүүлөргө көңүл кош мамиле кыла алган жокпуз. 25 июнда КР балдардын билим алуу укугун камсыздаган мыйзамды изилдөө жана анын аткарылышын көзөмөлдөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзулду.

**Кырдаалды изилдөөдө кандай мүчүлүштүктөр табылды, сиз комиссиянын ишинин натыйжасын айта аласызбы?**

- Биз зор аудитордук иш жүргүздүк, бирок депутаттык комиссиянын натыйжалары чыга элек. Жакынкы күндөрдө жыйынтыгын чыгарабыз деген оюм бар. Аудиттин алкагында комиссия КР билим берүү министрлигине кайрылып, 2008-2009 жылындагы окуучулардын саны тууралуу маалымат алып, кээ бир мектептердеги балдардын ата-энелеринин катталгандыгы, окууга кирүүдөгү тестирлөө, мектеп формасы жөнүндөгү талаптардын мыйзам чегинде болгондугун текшердик.

Бирок шайлоочуларды жана депуттарды мектеп жетекчилигинин чындыкты айтуусун суранаар элем. Эч кандай көрсөтмө сабактарды өтүүнүн кажети жок, биз болгонун болгондой көргүбүз келет. Ошондо гана кырдаалы оңдой алабыз.

**Мектептердеги түрдүү акча чогултуулар балдардын билим алууга болгон мүмкүнчүлүгүн чектейт, биринчи ирет бул аз камсыздалган үй-бүлөөлөргө тиешелүү. Кандай чектөөлөрдү сиз негизгилер деп атап кетет элеңиз?**



балдардан акча чогултуу фактыларынын тунуктугу кызыктыргандыктан, комиссиянын ишинин негизин мектептердин каражат-чарбачылык абалын изилдөө болду.

Андан башка биз аймактык мектептердеги кырдалды текшерип жатабыз. Адам укугун коргоо тармагында IWPR/ЕК долбоорунун каржылоосу менен биз аймактарга чыгып келдик. Тилекке каршы бардык мектептерди текшерүүгө мүмкүнчүлүгүбүз болбойт. Бирок, сөзсүз түрдө Чүй, Талас, Нарын областтарында аудит жүргүзүүнү планга койдук. Мугалимдер тобу менен гана эмес окуучу балдар менен маектешип, аларга психологиялык басым жүргүзүлгөн жокпу, билүүгө аракет кылабыз. Учурдан пайдаланып, мугалимдерди биз менен ачык-айкын сүйлөшүп,

- Эң башкысы миграция. Мигранттардын балдарын туруктуу каттоңор жок деп мектепке киргизбейт. Ошол эле шылтоо менен мугалимдер окуу китептерин бербейт. Ата-энелердин социалдык жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн козгогондон кийин мектеп формасын айтпай коюу болбойт. Көп ата-энелердин балдарына форма сатып алуу мүмкүнчүлүгү жок.

Дагы бир жасалма тоскоолдук-мектепке кирүүдөгү тестирлөө жана жетишпегендиги үчүн мектептен чыгаруу. Бул беделдүү мектептерге мүнөздүү көрүнүш. Ата-энелер андай окуу жайларга алы келсе-келбесе да балдарын киргизүүгө тырышат. Анткени алар белгилүү гимназияда билим берүү деңгээли жогору де-

ген ойдо. Бирок кээ бир учурларда алар жаңылышат. Биз текшерген гимназиялардын бирине кирүү акысы 1000 АКШ долларын түзөт экен. Бул ойго келбес факт!

Убагында мектептерге гимназия статусу сунушталып, гуманитардык, математикалык тереңдетилген кошумча сабактарды акы төлөө негизинде киргизүүгө уруксат берилген. Бирок түбү мындай болоорун эч ким билген жок.

**Сиздин оюңузча мектептердин жетекчилигинин статус кууганынын себеби билим сапатын жогорулатуу эмес, көбүрөөк акча чогултуу болуп саналабы?**

- Так ошондой, жана бул бузукулук убагында токтотулушу керек. Мындай иш аракеттер жөн жерден пайда болбогонун баарыбыз эле түшүнүп жатабыз. Экономиканын басаңдашы, билим берүү тармагындагы каржы системасынын кыскарышы мектеп мүдүрлөрүн ата-энелерге кайрылууга түрткү болду. Совет доорунда мектептерде акча чогултулчу эмес деп айта албайм, анда деле чогултушчу, бирок майда-чүйдө керектөөлөрүнө гана. Азыркы талаптар ар бир эле үй-бүлөөнүн чөнтөгүнө чак келбейт. Бирок андан эмес, ошол чогултуулардын көзөмөлсүз жүргөндүгүнөн коркубуз керек. Көзөмөлсүздүк жана жазаланбагандык билим берүү системасын ичтен жеп жатат. Кандай катаал угулбасын мындай мыйзам бузуучуларды убагында жазалоо зарыл. Бирок жаңжал болсо эле, эмнегедир бизде министрлерди башы кетет. Министр мектеп мүдүрлөрүн шайлабайт. Ал эмес ротация жүргүзгөнгө да укугу жок.

**Кимдин андай укугу бар?**

- Жергиликтүү башкаруу органдары. Бирок муниципалитет мектеп көйгөйлөрүн изилдөөгө убакыт табууну каалайбы? Суроо ошондо болуп жатпайбы. Муниципалитет билим берүү тармагын териштире алабы? Азыр биздин мектептер өзү- менен өзү болуп,ар бири өз маселесин өзү чечүүгө аргасыз. Биз мектеп мамлекеттин бир бөлүгү экенин жана өзүнө назар салууну талап кылаарын унутпашыбыз керек.

**Расмий сарэсеп боюнча республикада 2,5 миң бала мектепте окубайт экен. ЮНИСЕФдин маалыматы боюнча 61,7 миң. Эмнеге маалыматтарда мында чоң айырмачылык болууда?**

- Начар эсептөө жана көзөмөлдүн жоктугу. Мисалы бала алыс аймактардын биринде окуйт. Ата-энеси менен борборго көчүп келди дейли, баланы каттосу жок, кирүү акысын төлөгөн жок деп мектепке киргизбей коюшту. Кээ бир шарттарга байланыштуу бала ата-энесине кол кабыш кылып иштеп калды. Ага карабай бала айылдык мектепте окуп жатат деп тизмеде жүрө берет. Мындай мисалдар көп кездешет. Суверенитет алганы биздин республикада калктын үчтөн бир бөлүгү миграция болду. Ал эми бир жарым миллион адам чет өлкөгө көчүп кетти. Мына айырмачылык ошондон келип чыкты. Ички жана тышкы мигранттардын балдары бул өзгөчө топ. Дал ошол балдар билим берүү системасынан түшүп калышат жана аларга өзгөчө мамиле кылуу керек.

**Сиздин оюңузча кырдаалды оңдоо үчүн кандай кадамдарга баруу керек?**

- Биринчиден маселе орчундуу экенин мойнубузга алышыбыз керек. Президент Курманбек Бакиев бул маселени көтөрүп чыкканына мен абдан кубандым. Ал мектепте мыйзамсыз акча чогултуулар жүрүп жатканын, рэкет күч алганын айтты. Демек, биз ал маселелерге кош көңүл болбой. чечүүгө аракеттенебиз. Бул жерде “камчы менен таттуу токоч” ыкмасын колдонушубуз абзел. Укук бузуулар үчүн мектеп мүдүрлөрүн жумуштан бошотуп, мугалимдердин болсо, айлык акысын көтөрүүнү унутпашыбыз керек.

Балким билим берүү тармагынын каржылоо системасын карап чыгышыбыз керек. Мага белгилүү болгондой, бизде мектептерди каржылоо бирдей болот. Бирок кээ бир мектептерде эбегейсиз акча чогултуулар жүрүп турат, башкаларында андай жок. Эгер ата-энелер балдарынын билим алуусуна акча төгүүнү каалашса, анда беделдүү мектептерди коммерциялаштырып, бирок акысыз орундарды да калтырууну милдеттендирип, ал эми ал мектептерге бөлүнгөн акчаны айылдык мектептерге жиберүү ыктуу болоор?

**Аны менен бирге каржылоодо тунуктука, ачык-айкындуулукка жететтирбиз?**

- Ооба, жеке менчик мектептерде ата-энелер эмне үчүн жана канча төлөп жатканын билишет. Мектептер болсо мамлекетке салык төлөшөт. Аларда тунуктук ачык айкындык кырдаалы кээ бир мамлекеттик мектептерден так болот.

Тилекке каршы совет маалындагы билим берүү системасын кыйратып алдык. Анда билим алуу кагаз бетинде эле эмес, чындыгында акысыз болгон.

Бизде бийик трибунадан Кыргызстандын көз карандысыз болгондогу жетишкендиктерин айтууну жакшы көрүшөт. Билим берүү системасында бул жылдары эмне жасалды? Аны менен төрөлгөн бала 17 жашка чыгып калды. Биз кандай инсан тарбиялай алдык. Кандай баалуу сапаттарын өөрчүтө алдык. Ал бала азыркы коомдо жашоого алы келеби? Мамлекет ал үчүн эмне кылып берди? Мына ушундай суроолорго жооп берүүгө мен даяр эмесмин. Бирок биз ойлонуп, баалап, билим берүү системасын жакшыртууга болгон күч аракеттерибизди жумжообуз зарыл. Бул Кыргызстандын келечеги үчүн зарыл иш!

## МЕКТЕПТЕРДЕ ОРУН АЛГАН КЫСЫМГА АЛУУЛАР МЕНЕН КҮРӨШҮҮ



*Укук коргоочулар мектептерде балдарга карата болгон мамилени бир топ кылдат изилдөөгө чакырышат..*

**Эльмира Габидуллина, Алматы ш.**

Эксперттердин айтымында Казакстандын мамлекеттик мектептеринде балдарды ырайымсыз мамилелерден коргоо максатында жада калса мугалимдер тарабынан да эч нерсе жасалбайт.

Жакынкы күндөрдөгү изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй сурамжылоого алынган ар бир он окуучунун бирөөсү мугалимдердин кысымына дуушар болушат.

Апрель айында өлкөнүн түштүгүндө жайгашкан Чымкент шаарында жогорку класстын эки окуучу кызы дары жеп өз өмүрүн кыюга аракет жасашып абдан көп дары жутушкан . Бактыга жараша кыздар ажалдан куткарылышкан. Ал окуучуу кыздардын айтымында алардын мындай абалга жетишине эки мугалим күнөөлү.

Кыздардын айтуусуна караганда ата-энелери менен мугалимдердин бирөөсүнүн ортосунда орун алган чыр чатактан кийин ал кыздар эки мугалим тарабынан кысымга алына башташкан.

«Мугалим эжекебиз башкалардын көзүнчө мени жана менин апамды мазактай берчи болду. Ар дайым мага кыйкырып сүйлөп, тилдеп, ал тургай сөгүнүп да жиберет, эгер мени коридордо көрүп калса түртүп өтөт. Ушундай эле нерсе ар күнү кайталанат»-дейт кыздардын бири IWPR га берген маегинде.

Мугалимдер мени шылдың кылуучу предметке айландырып алышты. Бардык окуучулардын алдында: «Сен атасыз жетимсиң, эч ким сага жардам бербейт»- деп кемсинтишет. Мен ушундай мазактоочу сөздөрдөн тажадым, ошондуктан мен бул чараны колдондум» - дейт экинчи окучу.

Күнөөлөнүп жаткан мугалимдер « бул жөн гана кыздардын оюнан чыгарылган жалган сөз»- деп гана жооп беришти.

Аялдардын жана балдардын укугун коргоо кыймылына көмөк көрсөтүү башкы максаты болгон Казакстандын кризистик борборлор союзу өткөн жылдын аягында сурамжылоо жүргүзүшкөн. Сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй жогорку класс окуучуларынын 12%ы мектепте дене кыйнооloруна алынып, алардын ичинен 9%ы атайылап пландуу кыйноого алууга дуушар болушат.



Казакстандын балдар фондусунун изилдөөсү көрсөткөндөй балдардын укугун бузуу фактыларынын 65%ы мекткептерде жана жогорку окуу жайларында орун алып, негизинен бул дене кыйноосу, адамдын ар намысын басмырлоо жана мектеп муктаждыгына болгон салык сыяктуу укук бузуулар .

Кээ бир учурларда кысымга алуу окуучулар арасында же жогорку класстар тарабынан болсо, айрым учурларда мугалимдер тарабынан болот. Мугалимдер тарабынан кысымга алуу акыркы убакта көбөйүп бара жаткандыгын педагогдор өздөрү да тастыкташат. Коомдук мектеп уюмдарынын ассоциациясынын президенти Нина Косова учунчу класстын окуучу баласы окууга келбей койгон фактыны мисалга келтирди. « Бир топ мезгил өткөндөн кийин гана ал окуучу класс жетекчиси балдарды дайыма ургандыгын жана андан корккондугун мойнуна алгандыгын»- айтты.

«Мугалимдер тарабынан жасалган зордоо копчүлүк казакстандыктардын балалыгынын чындыгына айланууда. Кыйноого алуу, уруп сабоо көп орун алып, ушундан улам мамлекеттик окуу жайларынын деңгээли кескин түшүп кетти» - дейт өз атын атоону каалабаган Алматынын жеке мектептеринин биринин директору.

«Мамлекеттик мекемелердеги айлык маянанын төмөндүгү адистиктин беделинин түшүп кетиши мугалимдердин коомго карата кайдыгер мамилесинин тереңдешин күчөтүүдө. Мамлекеттик мектептерде кокусунан жумушка алынып калынгандар көп. Алар учун балдарга өтүлүп жаткан теманы кызыктуу кылып даярдаганга караганда баларды урупсалуу жеңилирээк турат», – деп түшүндүрдү ал.

Казакстан Балдар укугу жөнүндөгү Конвенцияны 1994 жылы ратификациялаган. Ошонун негизинде балдарды дискриминациялоонун бардык формаларынан дене жана психоллгиялык кысымдардан коргоону өзүнүн жоопкерчилигине алат.

Мамлекеттик мыйзам балдар укугу боюнча ушул сыяктуу эле нормалардын сакталышын талап кылат, бирок айрым эксперттердин пикиринде мыйзамдар бир канча айкыныраак болушу керек.

Кризистик борборлор союзун башкаруу төрагасы Зульфия Байсакова мыйзам чыгаруучу базада Жада калса «ырайымсыз мамиле» деген терминдин жоктугун айтат.

Балдар укугун коргоо боюнча Казакстан бейөкмөт уюмунун жумушчу тобунун координатору Роза Акылбекова «окуучуларга дене жана психалогиялык кысым көрсөткөн мугалимдердин кантип адистигин кайрадан жогорулатуу түшүнүксүз бойдон калууда» - дейт.

Өлкөнүн мыйзамдарында дагы бир «ылайыксыз тарбия» деген түшүнүккө ачык айкын түшүндүрмө жок - дейт Караганда Областынын балдарды коргоо департаментинин башкы адисти Роза Акылбекова.

Ошол эле учурда, өкмөт балдар укугунун сакталышын камсыздоо, өзгөчө балдарды жагымсыз тажрыйбалардан сактоо, боюнча бир топ чараларды кабыл алган.
Балдардын жашоосун жакшыртууну максаттаган атайын программа 2007 жылы башталып, ал 2011 жылга чейин созулмакчы. Ушул программанын негизинде тарбия иштери боюнча мектеп штаттарына социалдык жана психо-педагогикалык жактан көмөк көрсөтүү максатында, жети миң психологдор, бир жарым миңден ашуун аскер инспекторлору жана жети миңнден көбүрөөк мектеп директорлорунун жардамчылары киргизилди.

Инспекторлор билим берүүгө эч байланышы болбогон өлкөнүн ички иштер мнистрлигинин аскерлеринен тартылган. Алардын негизги максаты мектептерди коопсуз, мыйзам бузуулардан эркин болгон мекемеге айландыруу болуп эсептелген.



Алматы ички иштер департаментинин жашы жете элек балдар боюнча коомдук тартипти башкаруу бөлүмүнүн ага инспектору Мая Беласарованын пикиринде «бул программаны жүзөгө ашыруу үчүн инспекторлор жетишсиз».

«Инспекторлордун мүнкүнчүлүктөрү чектелген, жана алар жетишээрлик санда эмес, ошондуктан алар бир эле мезгилде бир канча мектептер менен иштешүүгө тура келет», – дейт ал. Инспектор Айман Бекхожинанын айтымында – ата энелерь тартип коргоо органдарына болгон коркунучтан улам алрды түйшөлткөн маселелерди көтөрүүдөн жана ал менен сүйлөшүүдөн коркуп турушат.

Беласарова да бул пикирди колдоп - «ата-энелер тартип коргоо органдарына эң акыркы чара катарында кайрылышат», - дейт ал.

Кээ бир ата энелер өздөрүнүн тажрыйбасынан инспекторлордун жана психологдордун кийлигишүүсү маселени чечпей тургандыгын айтышат. Юлия Алматыдагы он жашар окуучу баланын апасы өз баласына кысым көрсөткөн мугалим боюнча мектеп администрациясына арызданып кайрылып канааттандырарлык жооп ала алган эмес.

Мектеп башкармалыгы класс жетекчинин чоң тажрыйбага ээ экендигин айтып, ал менен териштирүү иштерин жүргүзөөрүн айткан. Бул Юляны канааттандырбайт. « Балдарга колун көтөргөн мугалимди, эч болбоду дегенде башталгыч класстарда, балдарды окутуудан четтеттилишин каалайм», - дейт Юля.

Анын айтымында башка ата-энелер мектеп администрациясы менен чыр чатакка баргандан көрө бул проблемага анча көнүл бургусу келишпейт же балдарын башка мектепке которуп салууну туура көрүшөт.

Роза Акылбекованын пикиринде – бул мектеп башкармылыгынын адаттагы реакциясы.
«Закондогу орун алган мүчүлүштүктөрдөн улам мугалимдер практикада жазыксыз калууда», -дейт ал.

Бул жылы Казакстандын мектептеринде укук бузууларды аныктоого багытталган жаңы система киргизилди. Окуучулар атайын даярдалган кутучага мугалимдер, башка окуучулар же үй-бүлөө мүчөлөрү тарабынан зордуктоо, кысымга алуу окуяларын сүрөттөп кат жазып кайрыла алышат.



# Адам сатуу тууралуу маалыматтар так эмес

*Эксперттердин пикиринде адам сатуунун денгээли расмий маалыматтардан алда канча жогору*

**Данияр Бахтагалиев, Алматы ш.**

Казакстандын Ички иштер министрлигинин маалыматы боюнча өткөн жылы өлкөдө жыйырма жолу адам сатуу фактысы катталган. Буга айрым серепчилер «маалымат өтө эле төмөндөтүлүп көрсөтүлгөн» - деп ишенишпейт. Мындан башка так маалымат да жок. Бирок айрым жергиликтүү бейөкмөт уюмдар өткөн жылы Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан өлкөлөрүндө, бери эле дегенде, жүздөн адам эмгек жана сексуалдык максатта ар кандай кысымга дуушар болгондугун айтышат. Бул бир жерден экинчи жерге жеткирилген, же бир өлкөдөн башка өлкөгө чыгарылгандардын саны тууралуу маалымат эмес.

«Адам сатуу» деген термин качан кимдир бирөөлөрдү ар кандай жумуш жасатуу максатында бир өлкөдөн экичи өлкөгө же бир өлкөнүн аймагында эле аларды ары бери жашыруун жеткирүү фактылары орун алганда колдонулат.

Жумуш жасатууга мажбурлоо же жумуш жасоо шарты, көпчүлүк учурда, кыйноо же кулчулукка тете болот. Ошентип «адам сатуу» - бул адамдарды же мигранттарды мыйзамсыз бир жерден экинчи жакка жөн эле ташуу эмес, аларды башка бирөөлөргө ар кандай жумуш жасаттыруу максатында алдап сатуу көрүнүшү эсептелет.

Казакстандагы кризистик борборлор башкармалыгынын төрайымы Зульфия Байсакова да расмий маалыматтардын тактыгына ишене бербейт.

«Ички Иштер Министрлиги өтө эле аз маалымат берет. 16 миллион адам жашаган жерде, болгону 20 окуя катталды дегени өтө эле төмөндөтүлүп көрсөтүлгөн нерсе»- дейт ал. Ошондой эле Байсакова аймактагы эң пайдалуу делинген мыйзамсыз аракеттер, тагыраак айтканда: банги заты менен шугулдануу, шектүү делинген уюмдарды каржылоодон кийин эле «адам сатуу» турарын жана анын мына ушундай аз көрсөткүчтү түздү дегенге ишенүү кыйын экендигин кошумчалайт.

Мындан сырткары АКШнын 2009-жылкы дүйнөдөгү адам сатуу аракеттери тууралуу отчетунда, Казакстанда ушул жылы 50 атуул адам сатуунун курмандыгы болгондугун жана мындай көрстөткүч Казакстан бийлиги тарабынан расмий катталбай калгандыгы айтылат.

Казакстандын Ички иштер министрлигинин кылмыш иштерин иликтөө комитетинин башчысы Бекет Аймагамбетовдун айтымында, 2009-жылдын январынан март айына чейин эле он үч жолу жогорудагыдай кылмыш иши катталган. Анын төртөө жашы жете элек өспүрүмдөрдү сатуу, экөө сойкулукка жана дагы экөө эркине койбой иштетүү максатында уурдап бараткан фактылар болгон. АКШнын отчетунда Казак-

стандагы адам сатуу фактылары ар түрдүүчө сүрөттөлгөн. Маалыматта көбүнчө Өзбекстан, Тажикстан, Кыргызстан өлкөлөрүнөн Казакстандын аймагы аркылуу Орусияга же Бириккен Араб Эмиратына сойкулукка же мажбурлап иштетүү максатында адамдар алынып өтүлөөрү айтылган. Көбүнчө Өзбекстандан жаш кыз келиндер өз эрки менен эле сойкулук кылуу же жалданып үй кызматында иштөө же ушул сыяктуу ар кандай жумушта иштөө максатында келишээри малымдалган.

Ошондой эле, Казакстанда аларды башка өлкөлөргө, тагыраак айтканда, Кытай, Турция





өлкөлөрунө сойкулукка же ар кандай жумуштарга мажбурлап иштетүүгө жиберүү менен алектенген «адам сатуу» фактылары катталган.

Анткени Казакстан иш жүзүндө бардык Борбор Азия өлкөлөрү жана Орусия менен чектешкендиктен, географиялык жактан адам саттууга өтө ыңгайлуу өлкө катары каралат. Мына ушундай фактылардан улам Казакстан Бириккен Улуттар Уюмунун адам сатуу, анын ичинде жаш балдар менен аялдарды сатууга тыю салган жана андай адамдарды жоопкерчиликке тартуу тууралуу протокоду ратификациялоосу зарыл. Казакстандын Кылмыш жаза кодексинде кимдир бирөөну мажбурлап иштетуу максатында сатууга тыю салынган.

Мындан сырткары 2006-жылы адам сатуу аракети учун он беш жыл түрмөгө кесуу айыбы мыйзамдаштырылган. Мамлекеттик департаменттин малыматы боюнча, 2008-жылы баш аягы кырк төрт кылмыш иликтөө иши ачылып, анын 30 сотко өткөрүлгөн жана жыйырма төртү күнөлүү делинип сот жообуна тартылган.

Бул 2007-жылга салыштырганда эки эсеге көп болгон. Миграция боюнча эл аралык уюмдун маалыматы боюнча, сатуу максатында жөнөтүлгөн адамдардын 70 пайызы Казакстандын аймагы аркылуу ташылат. Ошентип калган өлкөлөр үчүн Казакстан адам сатып алуудагы эң соңку өлкө катары каралат.

Мамлекеттик департаменттин отчетунда Казакстан адам сатуу боюнча эл аралык укук нормаларды толук сактабаса да, өлкө бийлиги мындай кылмыштуулуктун түрүн алдын алуу максатында оозго алынаарлык аракеттерди жасап жаткандыгы белгиленген. Мындай иш чараларга кылмыш ишин ачып иликтөө, сотко өткөрүп берүү жана айыпталган адамдын күнөөсүн далилдөө жана кылмыштын мындай түрүн алдын алуу максатында ал тууралуу коомчулукту өз убагында маалымдар кылуу аракеттери кирет.

Байсаковдун пикиринде, расмий бийлик адам сатуу аракетин өтө катуу көзөмөлгө алуусу зарыл. «Буткул Дүйнөлүк Соода уюмуна мүчө өнүккөн 50 өлкөнүн катарына кошулуу максатын койгон Казакстан үчүн бул бир кыйла оор маселе», – дейт ал.

Ошол эле мезгилде Казакстандын Ички иштер министрлиги адам сатууну токтотуу максатында бардык тиешелүү механизм жана мамлекеттик план программа бар деп ишендирет.

Буга мисал катары алар улуттук полициянынын Астана, Алмата шаарларында адам сатууну алдын алуу максатында бөлүмдөр уюштурулгандыгы жана аларда түз байланыш линиялары бар экендигин келтиришет. Байсакованын айтымында, жергиликтүү полиция бөлүмдөрү же тиешелүү агенттиктер зарыл болгондо жетишээрлик түрдө өздөрүнүн аракеттерин бирдиктуу жүргүзө алышпайт жана алардын буга даярдыктары да жок. «Ал эми өкмөттүн адам сатууну алдын алуу боюнча аракети номиналдуу гана көрүнүш», – деп эсептейт Байсакова. Мындан сырткары башка өлкөлөр менен жетишээрлик байланыш да жок. «Менин айтайын дегеним биздин полиция кызматкерлеринин чет өлкөлөрдөгү аракеттери жокко эсе.

Башка өлкөдө алардын жакшы максаттагы аракеттери да жөн гана четке кагылып калат» – дейт ал.

Адам укуктары жана мыйзамдуулукту сактоо боюнча эл аралык бюронун Казакстандагы өкүлчүлүгүнүн кызматкери Андрей Гришин да адам сатуу маселесин чечүү максатында өкөдө бирдиктүү иш чара жөргөзүлгөн жок деген ойго кошулат. Анын пикиринде Казакстанда кызкелиндерди башка өлкөлөргө сатуу маселесин алдын алууда гана бир аз жылыштар болду. «Анткени бул маселеге бир катар эл аралык уюмдар кызыкдар болушуп, алардын суроо талабына Казакстан бийлиги өз мезгилинде тиешелүү жооп берүүгө аргасыз болду», – деп түшүндүрдү өз оюн Андрей Гришин.

# ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ СЕКСУАЛДЫК ЗОРДУК-ЗОМБУЛУК ЖАЗАЛАНБАЙТ

*Үй бүлөөдөгү аялдарга болгон сексуалдык зордук-зомбулукка толеранттуу көз караш жана аялдын өз укукары жөнүндө маалым болбогондугу аялдарды коргоо ишин татаалдаштырат.*

**Евгения Ким, Бишкек ш.**



Өгөй атасы Айдайды 16 жашында зордуктап койгон. Анда кыз эч кимге айткан эмес. Өгөй атасынан коркуп апасына да сырын ачкан жок.

Кийин Айдай турмушка чыкты. Бирок өгөй атасы башынан каршы болуп, кыргыз коомчулугунда эң уят көрүнүш кыз никеге турганча эле кыздыгынан айрылган, сойкулук менен алектенип, бузулган деген ушак сөздөрдү таратты.

Айдай жубайына гана сырын ачты,ал ишенгендей болду, бирок туугандарынын сөзүнө көнүп, келинчеги менен ажырашып кетти.

Эң башкысы Айдайдын энеси да, «мени жер каратты» деп кызын чанып койду.

Азыр Айдай 24 жашта, күнөөсү жок күнөөлүү болуп калганына абдан ызаланат.

«Биздеги мыйзамдардын өзгөрүшүн каалайт элем. Бул башыман өткөн азап азыркыга чейин тагдырыма терс таасирин тийгизүүдө»- дейт ал IWPR кызматына.

Үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жөнүндө айтууга болбойт деген пикирди көңүлгө алсак, биздин коомдо аялга болгон сексуалдык зордук бийликке билдирип төргөө ишин ачуучу кылмыш эмес, жөн эле уят көрүнүш катары каралат.

Эксперттер Айдайдын Кыргызстанга катаал мыйзамдар керек деген пикири менен макул болушууда. Андан тышкары коомчулукту туура мамилеге тарбиялоочу маалыматтарды жогорулатуу программаларын киргизип, сексуалдык зордуктун курмандыктарын коргоо зарылчылыгын талап кылышууда.

Үй-бүлөдөгү сексуалдык зордук жөнүндө так сарэсеп (статистические) маалыматтарды алуу өтө кыйын, бирок каатчылык борборлоруна кайрылган айымдардын саны күндөн-күнгө өсүүдө.

Кыргызстандын каатчылык борборлорунун маалыматы боюнча, өлко боюнча 7300 аял кайрылып ондон сегизи үй-бүлөлүк зордукка кабылдым деп арызданышкан. Ал эми «Сезим» борборунун өкүлүнүн айтусунда аларга кайрылган айымдардын 23% зордуктун курмандыктары.

Ички иштер министрлигинин өкүлүнүн айтуусунда, «катталган үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун саны өсүүдө, бирок сарэсеп эч качан так болбойт,анткени зордуктоолордун көбүн аялдар баары бир жашырат»,-деп кошумчалады.

ИИМ дин өкүлү зордук-зомбулуктун өсүшүн жумушсуздуктун, жана аракечтиктин айынан пайда болгон кедейликтин жогорку деңгээли менен байланыштырды.

Зомбулуктун курмандыктары жардам суроодон коркушат анткени милиция тарабынан түшүнбөстүккө кабылып, эч ким

алардын сөздөрүнүн чын-төгүнүн териштирбейт деген ойлору бар. Андан дагы, коомдогу кадыр баркын сактап калуу кызыкчылыгын көздөгөн үй-бүлөсү тарабынан кугунтукка алынып калуудан кооптонушат.

Жаш дарыгер, Тимур, атын гана атоого макул болду. Ал көп аялдардын ичтен күйгөнүн жакшы түшүнөт.

«Кимге гана зордук-зомбулук көрсөтүлбөсүн-бул кылмыш жоопкерчилиги катары саналат. Ал эми аялдар көп учурларда чындыкты айтуудан баш тартат. Анткени, тилекке каршы бизде «аял өзү күнөөлүү» деген туура эмес түшүнүк бар.

«Сезим» борборунун психотерапевти Наталья Павлованын ою боюнча, үй-бүлөдөгү сексуалдык зордукка болгон көз караштын тамырында жалпы коомчулуктун «секс»- бул уят жана ыплас иш деген салыштыруу жатат.

«Жергиликтүү үй-бүлөлөрдө секс темасы жабык маселе. Ошол себептен аялдар жакын туугандарына да эч нерсе айтпайт», - деди ал.

Зордуктоо жана башка зомбулук Кыргызстандын кылмыш кодекси тарабынан жазаланат. Бирок зордукка кабылган аялдар кадыресе укук коргоо органдарына кайрылбайт.

Павлованын айтуусунда негизинен айыл жергесиндеги аялдар зордук-зомбулук курмандыктарын коргоочу мыйзамдар бар экенин да билишпейт.

«Мыйзам боюнча зордук көрсөткөн адам жазага тартылаарын билишпейт», - деди ал.

17-жашар Мээримди алкоголдук мас абалында үч жашка улуу аталаш агасы зордуктап койгон. Анда кыз ата-энесине эч нерсе айткан эмес, анткени милиция же ата-энеси ал агасын жазалаарына ишенген эмес.

«Ал эмес укук коргоочу органдар үй-бүлөдөгү аялдарга болгон зордукту кылмыш катары эсептебейт», - дейт Павлова.

Ал эми жапа чеккен адамдар чыгынып арыз жазган күндө да же арызын кайра алып кетишет, же иш аягына чыкпай токтотулат.

Бишкектеги аялдарды колдоо Борборунун юристи Айжан Джуманалиева, «арыз берилгенден кийин милиция иш баштоону чеччиче бир нече күн өтүп кетет. Ал эми зордукчу менен анын курмандыгы ал учурда бир үйдө бетме - бет жашоого туура келет. Башка арга жок»,-деп түшүндүрдү.

Дал ушул маалда зордукчу өз курмандыгын милицияга берген ары зын кайрып алууга көндүрөт, кээде күч колдонгого чейин барат.

«Бул учурда жапа чеккен адамды күнөөлүлүк сезимден арылтуу керек. Ал өзүнө келиши үчүн убактылуу кылмышкерден алыс коопсуз жерге көчүп кетүү оң», - деген кеңеш берет Павлова.

Джуманалиеванын пикири боюнча иш ачып, далилдөө документтерин чогултуу абдан оор жумуш. «Эгер зордуктоо же психологиялык басым болгондон бери бир топ убакыт өтсө, ал кылмышты далилдөө татаалданып же такыр мүмкүн болбой калат. 99 пайыз мындай учурларда арыз кабыл алынбайт», -.деди ал.

Сотто үй-бүлөлүк зордуктун курмандыктарын жактоочу психолог Виктория Тяндын сөзу боюнча, кээ бир тескөө учурларда жабыркаган аял үй-бүлөлүк зомбулук кылмыш мыйзамынын юрисдикциялык карамагындагы иш эмес деген туура эмес көз караштагы сот кызматкеринин басымына туруштук бере албай жеңилип калышат.



Сот кызматкерлеринин «балдарыңды ойлоп, арызыңды кайра ал» дегендери да кездешет.

«Алар (сот кызматкерлери) аягына чейин чечим кабыл албай эки жактын элдешүүсүн талап кылышат», - дейт Тян.

Елена деп таанышкан айым өз жубайына даттанып бир нече жолу милицияга арыз жазып, бирок натыйжасында, күйөөсүнө кайра эле кайрылып барганын билдирди.

Елена- күйөөсү үйлөнгөндөн баштап эле уруп-сабап, зордуктап жүргөнүнө карабай, абакка отуруусун каалабайт. «Ал камалып

кетсе үй-бүлөм ачка калат, анткени мен акча таба албайм»,-деди.

Ага болбой Елена бул кырдаалдан чыгуунун жолдорун издейт. Ал убактылуу каатчылык борборунда калып, борбордун жардамы менен ашпозчу, тикмечи же чачтарачтык жумушчу адисттигине



үйрөнгүсү келгенин жашырган жок.

«Мен дагы иштеп күйөөмдөн көз каранды болгум келбейт. Ошондо гана мен андан түбөлүк кетип калууга мүмкүнчүлүгүм пайда болот», -деди ал.

Аялдардын психологиялык борборлору, алардын ону Бишкекте жайгашкан, өлкөнүн көп жеринде кызмат бөлүмдөрүнө ээ. Алар кеңеш берүү, юридикалык кызматтарын сунуш кылышат, кээ бирле-ринде убактылуу баш калкалоо жайлары да бар.

Мээрим эч кимге кереги жок экенин сезип, бул борборго кайрылууга аргасыз болду.

«Мындай мекемелер тууралуу жабыркаган аялдар маалымат алып тураарын каалайт элем. Менин багыма жараша, курбу кызым бул борбор жөнүндө айтып берди. Ал эми көбү аны  таанызбайт да-гы»,-деди Мээрим.

«Шанс» каатчылык борборунун башчысы Александра Елиференконун айтымында, биздин уюмдар бул маселе менен өз алдынча күрөш жүргүзө албайт. Андыктан Өкмөттүк эмес Уюмдар, укук коргоо органдары менен бирдикте иш алып барып, калктын маалымдуулук деңгээлин көтөрүп, ошол эле учурда үй-бүлөдөгү сексуалдык зордукка карата толеранттулуктун деңгээлин төмөндөтүү зарыл.



«Аялдардын укугу жөнүндө мыйзамдар түшүнүктүү болушу керек. Эң негизгиси, алар коомдук деңгээлде кабыл алынышы шарттуу», -деди ал.

Павлова-нын оюу боюнча, аялдардын маалымдуулук деңгээлин эле жогорулатып тим болбостон, эркектер менен да иш алып барып алардын зордукчуга айланып кетүүсүнө жол бербөөну максат кылып коюуу абзел.

«Азыркыга чейин биздин жардам сексуалдык зордук-зомбулуктун курмандыгына эле багытталган. Бирок бул жылдан баштап кээ бир Өкмөттүк эмес Уюмдар тарабынан зордукка күнөөлүүлөрдү окуткан программалар иштөөдө. Үй-бүлөдө зордуксуз мамилени үйрөткөн атайын программалар бар. Ал программага өз жүрүш-турушун анализдөө, чогуу-чара альтернативдүү чечимдерди кабыл алуу кирет»,-деди ал.

«Кээ бир өлкөлөрдө зордук көрсөткөн адамды атайын программаларга катышууга күчтөп киргизүүгө уруксат берилген»,-деп кошумчалады.

«Үй-бүлөлүк сексуалдуу зордук узакка созулган психоогиялык кыйынчылыктарды туудурушу мүмкүн»,- деп белгиледи Тян.

«Кыздар зордукчуну кечирип, өмүр бою айтпаган күндө да, ал ыплас иш баары бир жүрөгүндө ка-лат. Унуткарууга туруштук бере албаган бул сезим чоң стресс жана ал убакыт өткөн сайын кайра күч алат».

Эмдигиче ал окуяны унута албаган Айдай, сегиз жыл мурун эле ишти бир жаңсыл кылбаганына абдан өкүнөт.

«Андагы өзүмдүн боштугума жиним келет, эми эч нерсени далилдей албайм, күнөөлүү адам жазаланбай калды»,-деп кошумчалады Айдай.

# Камакка алынгандарга каршы колдонулган зордук-зомбулукту токтотуу тууралуу мыйзамдын кабыл алынышына болгон үмүттөр

Кыргызстандын укук коргоочулары камакка алынгандарга каршы зордук-зомбулукту токтотууга таасирдүү механизмдер керектигинен шек санабайт.

*Адистердин айтуусунда, кыйноолорго каршы механизм, аны аткарган органдын бийликтен көз карандысыз болгонунда гана ишке ашат.*

**Саида Абдразакова, Бишкек ш.**

Кармалгандарга каршы ички иштер кызматкерлери тарабынан талапка жооп бербеген мамиле бүгүнкү күндө кадыресе көрүнүш. Өзгөчө тергөө иштеринин алгачкы маалында укук коргоо кызматкерлери иштин тез арада ийгиликтүү ачылышына кызыктар болот.

Акыркы эле үч жылда Казакстан,Тажикстан, Кыргызстан өлкөлөрүнүн бириккен өкмөттүк эмес уюмдарынын Кыйноолорго каршы Коалициясы такталбаган маалымат боюнча кыйноо колдонулган 83 мыйзамсыз иш каттоого алынды. 2008 жылдын апрель айында аяктаган бир жылдык байкоолордун жыйынтыгы боюнча 59 тергөө ишинин 53 сабап-токмоктоо убактылуу камоочу жайда катталды.

Омбудсмендин институтунун кыйноолорду алдын алуу бөлүмүнүн башчысы Икрам Мамешовдун оюбоюнча бул сандар ылдыйлатып берилген. "Катталбаган учурлар бир нече эсеге көп, өзгөчө райондук ички иштер бөлүмүндө кырдаал курч",- дейт ал.

«Оперативдик-издөө иштеринин башынан кылмыш ишин козгоого чейинки мөөнөт абдан кооптуу. Дал ушул учурда кармалгандарга каршы сабап-токмоктоо колдонулат,-деди Мамешов".

Мындай мыйзам бузуулар көнүмүш болуп калган деген пикирлер бар.

«Милицияда менин агам күнөөнү мойнуна алгыча сабай беришти,"- дейт IWPRге берген өзүнүн интервьюсунда фамилиясын атагысы келбеген Валерий. Анын айтуусунда агасы кылбаган кылмышы үчүн эле жазага тартылды. "Кыйноолор аркылуу каалаган күнөөнү адамдын мойнуна илсе болот".

«Чыныгы кылмышкерлер пул төлөп кутулуп, эркиндикте ээн басып жүрүшөт. Бирок кылмыштуулуктун ачылыш сарэсеби (статистика) жакшы болушу үчүн алардын ордуна башка бирөө отурушу керек», -дейт Валерий.

Сабап-токмоктоо болгонун далилдөө өтө кыйын, анткени милиция кызматкерлери абактагы адам кармоо учурунда каршылык көрсөтүп жараат алган, же камерада бирге отургандардан таяк жеди деген шылтоону айтып кутулуп кетиши мүмкүн дейт Мамешов.

Мамешовдун оюбоюнча профессионалдык этиканы одоно бузуп, көрсөтмө берүү үчүн кыйноо колдонгон милиция өзүнүн ишти алып баруудагы жөндөмсүздүгүн, күч колдонбой, башка ыкма менен далилдерди таба албаган алсыздыгын билдирет.

«Дүйнөдө заманбап техниканын жардамы менен ДНКны бирдейлештирүү ыкмалары бар. Биздин республикада андай жабдыктар азырынча жок. ДНКнын талдоосун жасатуу үчүн коңшу Казакстанга жиберүүгө туура келет. Ал чыгымдардын баарын, күнөөсүздүгүн далилдөө үчүн шектүү деп табылган адамдын тугандары жабат», - деди Мамешов.

Милиция кызматкерлери баш ийген ИИМнин маалымат кызматынын катчысы Бакыт Сеитов өзүнүн IWPRге берген жообунда, "Кыргызстан көз карандысыздыкка ээ



болгону милиция зордук-зомбулук ыкмаларын колдонуп шектүү адамдардын күнөөсүн мойнуна алдырган учурларын уккан эмесмин",- деп ишендирди.

Алгач шектүү адамдар Ички Иштер Министрлигинин карамагында болуп камакка алынат. Андан кийинки сотко чейинки тепкич – Тергөөчү Жай. Ал институт да түрмөдөй эле ИИМдин карамагында болот.

Адилеттүүлүк Министрлигинин Жазаны аткаруу Башкармалыгынын камакка алынгандарды тарбиялоо жана укугун коргоо бөлүмүнүн башчысы күч колдонуу фактыларын четке кагат.

"Февраль айындагы жүргөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча, биздин мекемелерде күч колдонулбагандыгын болгон жоопкерчилик менен белгилеп кетем",– деди ал IWPRге берген маалыматында.

Мукаевдин айтуусунда, акыркы жылдары Кыргызстандын жаза аткаруу мекемелеринде олуттуу өзгөрүүлөр болду. Азыр ГУИН жарандык коом менен шериктештикке даяр. “Эгер мурун текшерүүлөр жылына бир жолу эле болсо, азыр биз камакка алынгандардын укугу бузулууда деген ар бир арызды кайдыгер калтырбайбыз. Ошондой эле кыйноо чаралары колдонулгандыгы жөнүндө жазакер гана эмес анын жактоочусу, туугандары да арызданса болот”.

Ага карабай милициянын да жаза аткаруучу органдардын да иши коомчулукка жабык бойдон калууда.

“Эркиндик добушу” коомдук фондунун координатору Эрнс Жапаровдун оюу боюнча, Өкмөттүк эмес коомдордун түрмөлөрдү текшерүү жөнүндө суроо-талаптары жоопсуз калууда, анткени бийлик бул уруксатты жогорудагы коомдорго ыйгарган юридикалык механизми жок.

Былтыр Кыргызстандын эл аралык келишимге кошулганынан бары өзгөрөрүнө укук коргоочулардын үмүттөрү күч.

Кыргызстан 1996 жылдын бери Кыйноо жана адамдын абийирин кордоо, кемсинтүүгө каршы Конвенциянын мүчөсү. Ошондой эле Кыргызстан 2009 жылдын февраль айында бул документтин факультативдик протоколун ратификациялоонун кошумча милдеттемесин алды.

Кошумча протокол жазалоо жайларын “көз карандысыз эл аралык жана улуттук топтору тарабынан үзгүлтүксүз текшерүү системасын түзүшү керек”.

Чет элдик текшерүү тобунун Кыргызстандын түрмөлөрүнө кирүүгө уруксат алышы менен жергиликтүү Өкмөттүк эмес коомдор да жазалоочу жана алдын ала камоочу жайларга кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, укук бузуу тууралуу арыздарды кабыл алууга жана аларды адилеттүү чечүүгө уруксаат алаарына ишенет.

«Мындай механизмдин пайда болушу жарандык коомдун өкүлдөрүнүн жабык мекемелерге тоскоолдуксуз кирүүсүн шарттайт. Ал, өз кезегинде, укук коргоо органдарынын жоопкерчилигин жана профессионалдык деңгээлин жогорулашына өбөлгө түзөт", – дейт Жапаров.

Ал механизм кандай калыпта ишке ашаары али талкуулоо баскычында турат. Балким кыйноолорго каршы улуттук комиссиясы түзүлөт же, «омбудсмен плюс» деген модель пайда болушу ыктымал. Акыркы идеяга байланыштуу омбудсмен кыйноолорго каршы мониторинг борбору көзөмөлдөгөн аймактык мониторинг топтору менен биргеликте иштейт.

Кыргызстандагы омбудсмендин мекемеси мамлекеттик казына тарабынан каржыланганына карабастан, ал коз карандысыз өз пикирине ээ офис экенин далилдөөгө жетишти. Ага февралда омбудсмендин мекемеси тарабынан даярдалган былтыркы көчө жүрүмгө(демонстрация) каршы милициянын кармалгандардан көрсөтмө алуу үчүн укук бузуп, күч колдонгондугу тууралуу сын пикир көз караштагы каты мисал болот.

“Жараандар паракорлукка каршы” Коомдук уюмдун жетекчиси Толекан Исмаилованын ою боюнча, бул кыйноо чараларын колдонуу маселеси сылык сыпаа чечилип, механизм туура түзүлүшү абзел, анткени Кыргызстандын саясий чөйрөсү өтө уюлдаштырылган. Анын айтымында, бул механизм бейтараптуу иш алып барып, жана анын иштешине өкмөт, президент Курманбек Бакиев өзү кызыктар болгондо гана мүмкүн.

"Кыйноолорду алдын алуу институту мамлекеттен көз карандысыз, бирок ошол эле учурда мамлекеттин душманы болбоого тийиш", – деди Исмаилова.

Мамешов, ага караганда, коом тарабынан көзөмөлдү жогорулатуу иштери мыкты натыйжаларды алып келерине ишенет

«Эгер тергөөчүлөр иши көзөмөлгө алынып, алардын ар бир кыймылын жараандык коомдун өкүлдөрү текшерээрин билсе, жазасыз мыйзам бузууга барбайт», – деп билдирди Икрам Мамешов.

# ТАЖИКСТАНДАГЫ ЭРТЕ НИКЕЛЕШҮҮГӨ КАРШЫ КҮРӨШ

*Укук коргоочулар мыйзамды оңдоо Тажикстандагы эрте никеге туруудагы түзүлгөн курч кырдаалды өзгөртөт деген ойдо.*

**Аслибегим Манзаршоева, Душанбе ш.**

Тажик кыздарынын арасында 16 жашында турмушка чыгуу өнөкөтүнүн көбөйүшү аларды билимсиздикке алып келип, ден-соолугуна залалын тийгизип, үй-бүлөөлүк зордук-зомбулукка дуушар кылат деп айтууда укук коргоочулар жана дарыгерлер.

Укук коргоочулар үй бүлөөлүк кодексиндеги 17 жаштан турмуш куруугa уруксат берүүчү мыйзамдын 18 жашка чейин узартылып, өкмөт тарабынан оңдоо киргизүүсүн кубаттоо менен тосуп алышты. Бул сунуш Аялдар жана үй-бүлөө боюнча Комитет тарабынан өлкөнүн президенти Эмомали Рахмондун териштирүүсүнө жөнөтүлдү. Эгер президент бул демилгени колдоп берсе, документ парламентке жиберилет.

Бул сунуш БУУнун колдоосундагы өкмөттүк эмес уюмдардын эки жылдык иш-чарасынын натыйжасында пайда болду. ӨэУдардын пикиринде мындай оңдоону илгери эле кабыл алганда болмок.

Ошондой болсо да укук коргоочулардын оюнда жаңы мыйзам маселени өз алдынча чече албайт. Мыйзамды күчөтүүгө механизм керек. Ал эрте никеге турууну кыскартууга жана аялдардын укугу жөнүндө туура маалымат алуусун камсыздоосу зарыл.

Сунушталган түзөтүү бийликтин “өзгөчө кырдаалда” белгиленген куракка жете элек жарандар ортосундагы никелешүүгө уруксат берүүсү боюнча Жарандык кодекстин абалын өзгөрпөйт. Демилгечилердин сөзүндө жогорудагы “өзгөчө кырдаал” эрежеге айланып баратат.



Университеттик билими бар айымдардын уюмунун жетекчиси Гульджахон Бобосадыкованын ою боюнча, бул “өзгөчө кырдаалы” жамынып, массалык түрдө кыздарды күйөөгө берип жаткан учурлар көп.

Эки жыл мурун Тажикстандын сарэсеп агенттиктеринин жүргүзгөн калктын жашоо денгээлин изилдөөлөрү боюнча 15 жаштан 19 жашка чейинки кыздардын 9 пайызы күйөөдө экен.

Душанбенин никеге туруу сарайынын маалыматы боюнча быйылкы жылдын биринчи жарымында эле 16 жашка жаңы чыккан 9 түгөй, жана болочок келиндери 17ге чыга элек 117 түгөй катталган.

Борбордук никелешүү сарайынын башчысы Барно Насимованын айтуусунда, бул никелер мыйзам чегинде катталды. “Бул тогуз түгөй соттун чечими боюнча никеге турду. Анын себеби алар бирибирине ашык болуп, каттодон өткөрүүнү суранышкан, же келин жетим калганына байланыштуу болгон. Жана башка ушу сыяктуу себептер менен аларды никееге тургузууга аргасыз болдук”,-дейт Насимова.

Укук коргоочулар да дарыгерлер да бир оздон мындай турмушка чыгуулар өзү менен көптөгөн маселелерди алып келет дешүүдө. Эрте боюна бүтүүдөн жаш эненин ден-соолугу начарлайт, алар инсандык басынууга дуушар болуп, билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт. Андан башка мындай келиндер үй-бүлөөлүк зордук-зомбулуктун курмандыгы да болуп калышы ыктымал.

Репродуктивдүүсаламаттыкты сактоо Борборунун башчысы Гульджахон Тумanованын айтуусунда 16-17 жашында турмушка чыккан кыздар тышкы келбети менен жетилгенине карабай, аялдыкка, кош бойлуулукка жана эне болууга али даяр эмес.

Тажикстандын аялдарынын 70% пайызы аз кандуулуктан жа-

быркаган. Жана оорулуулардын көбү жаш келиндер. Эрте боюна бүтүү ымыркайдын чарчап калуусуна алып келет, же баланын ден-соолугуна залалын тийгизет дешүүдө дарыгерлер.

Тумановайын айтуусунда кээде 20 жашар келиндердин экиденүчтөн балдары бар. Бирок өздөрү сабатсыз жана турмушту али жакшы өздөштүргөн эмес. Мындай келиндер баланы тарбиялоодогу кыйынчылыктага туруштук бере албайт.

«Панорама» коомдук фондунун төрайымы Татьяна Бозрикова эрте турмуш курган кыздар жетиштүү билим албагандыгын белгилейт.

«Эгер мындай никелешүүнүн натыйжасын айтсак, биринчи ирет бул жагдай кыздардын мектепти ташташына алып келет",-деди Бозрикова..

Аны сөзүнө далил: жогорку класстардагы кыздар менен уландардын класстагы саны. Эгер башталгыч класстарда катыш теңме тең болсо, 10-11 класста кыздар 38 пайызды түзөт, кээ бир алыскы аймактарда андан да аз.

Аялдар жана үй-бүлөө боюнча Комитетинин башчысынын биринчи орун басары Киматгул Алибердиева, Бозрикованын оюна кошулат. "Өзгөчө кырдаалдар" эрежесине жамынуунун кесепетинде кыз билим албай калат. Өзүңөр ойлосоңор, кыз 17 жашында мектеп партасында отуруп эле келин болуп калат экен. Мына көйгөй кайда катылган",-дейт Алибердиева.

Бобосадыкованын сөзү боюнча мектепти бүтүрүү кыздын социалдык мартабасын жогорулатуудагы алгачкы кадамы. "Жаңы турмушка аттанаардан мурун кыз киши экономикалык негиз алышы үчүн билимге умтулушу керек",- деди ал.

Гендердик изилдөөлөр Борборунун башчысы Марьям Давлатова "билимдүүлүктүн жоктугу курч маселе, кээде келин 15 жашта гана болуп, үй-бүлөөлүк зордук зомбулуктун курмандыгы болуп калышы мүмкүн",- дейт.

«Ал кайсы укукту билмек эле? Өз укугун сактоо үчүн ал эмне экенин билиши керек. Билбесе таяк жей берет,- деди Давлатова.

Душанбеден 90 км алыстыкта жайгашкан Коргон-Төбө шаарынын тургуну 20жашар Фируза эки жолу турмушка чыгып келген. Биринчи жолу ата-энелери кыйнап никеге түрткөн. Жолдошун алгач тойдон көргөн.

Ал жаңы үй-бүлөөнүн тартибине көнө албай койду. Башка аймакта тарбияланып, улууларды "сен" деп көнүп калган жаны Фируза күйөөсүнө да сен деп кайрылчы. Бул кылыгы кайын энесин кыжырлантып турду. Ал келинин "урматызаатты билбейт" деп айыптады.

Фирузанын жолдошу аны жакшы көрчү бирок энесинин сөзүнө көнүп, жубайы үч ай боюна бүтүп калганына карабай таштап кетти.

Эжелери балалуу келин кайра турмушка чыгышы кыйын деп башын айлантты. Фируза аларды угуп боюнан алдырып салды. Ал баласын жоготкону, нерв системасына доо кетип бейтапканага жатып калды.

Кийин ата-энесинин төрүнө келип, өз айылындагы жигитке кайрадан турмушка чыкты. Бул никеси да узакка созулбады. 19 жашында экинчи ирет ажырашып тынды. Күйөөсү турмуштун чыккан аялды алдың деген курбуларынын шылдыңына чыдабай аны менен жашоодон баш тартты.

Балалуу боло албай, экинчи ирет ажырашып, Фируза дагы бейтапканага жатып чыкты, азыр ата-энесиникинде дарыгерлердин кароосунда калды.

Тажикстан үчүн эрте никеге туруу салттуу, кээ бир убактарда, мисалы 1992-1997 жылдагы Граждандык согуш маалында бул көрүнүш күчөп кеткен.



Согуш маалында кыздардын ата-энелери баш аламандыкта зордук-зомбулукка дуушар болот деп кооптонуп, күчтөп эле күйөөгө берип коюшкан. Анткени зордукталган кыздын үй-бүлөөсү уят болмок, ал эми кыз өзү кийин күйөөгө тие албай калмак.

Согуш учурунда Жумагүл секелек кыз эле. Анын ата-энеси түштүк Хатлон областынын Бохтар районунан Душанбеге качып келишкен. Алар кызына күйөө тандап, ал 16жашка чыкканда эле турмушка узатып коюшкан.

Салтка жараша никелешүүгө чейин көрбөгөн күйөөсүнө Жумагүл тойдон кийин жакпай калды. Башында жубайлар көп чатакташып жүрдү, кийин эркек кол котөрө баштады. Күйөөсүнүн туугандары Жумагүлдү "айылдык" деп теңине алышпады. Кайын энеси менен кайын эжеси да жашоо бербеди. "Алар мени кыштактан келген караңгы деп шакабалашты",- деп эстейт Жумагүл.

Үй-бүлөөсү Жумагүлдү колдободу. Ата-энеси "кыздын барган жери күйөө, чыдап жаша" деп урушту. "Төрт жыл тозокто жашагандай болдум",-дейт келин.

Жумагүл ажырашып, үйүнө келгенде, агалары аны бакпайбыз деп чыкты. Келиндин келечеги жок. Анткени “ата-энемдин көзү өтүп кетсе, агаларым үйдөн кууп чыгат” деп коркот.

«Кээде жанымды кечип салгым келет. Бирок уулум гана ал ойдон алып калат», - деди келин.

Эрте никеге туруудагы маселелер чегине жетти. 20 жаштагы күйөөгө чыкпаган кызды кара далы деп коюшат.Андан уялган ата-энелер кыздарын эрте турмушка берип, кыздар окубай калышат. Анткени мектепти 18 жашка чыкканда бүтүшү керек эмеспи.

Кырдаал эркектердин жетишсиздигинен да курчуду. Анткени эмгекке жарамдуу жигиттердин баары акча табууга чет мамлекетке кетишүүдө. Тажикстандын 1,5 миллионго жакын мигринттары Россия менен Казакстанда эмгектенишүүдө.

« Азыркы мезгилде күлкү келээрлик кырдаал түзүлдү. Жыйырмага чыккан кыздар “кара далы» атка конуп, ата-энелери кыз турмушка чыкпай калгыча, аны үйгө келген биринчи жуучуга берип коюп жатышат”», -дейт Алибердиева.

Тажикстандын түштүгүндөгү Восей районунун Садриддиншон айылынын тургуну Саади аттуу адам IWPRге берген жообунда, “мектепти бүткөн кыз эки жыл үйдө отуруп калса, кара далы болуп, эр албай калат”,-деди.

«Бул жылы 1990-1991 жылкы кыздарды күйөөгө берип жатышат. Айылда кара далылар көп, ал эми ажырашып келип алгандар андан да көп. Эркектер аз. Алардын баары Россиядан үйлөнүп алышкан»,-деди Саади.

Укук коргоочулар сарэсеп расмий катталган никелерди гана санаганын, ал эми көп кыздар диний салт менен эле турмушка чыгып алгандыгын эскертишет. Демек эсептөөлөр реалдуу эмес.

Республиканын калкынын басымдуу бөлүгү мусулман сунниттер. Алардын салты боюнча үйлөнүү үлпөтү молдо чакырып никеге туруу менен чектелет.

Эки жыл мурун бийлик өкүлдөрү бул көйгөйдү чечүү максатында диний өкүлдөргө нике салтын жарандык нике каттосу бар күбөлүксүз өткөрүүгө тыюу салган мыйзам кабыл алышкан.

Бул мыйзам кабыл алынганы катталбаган никелердин санын азайтса да, аны ишке ашыруу үчүн дагы көп чараларды колдонушубуз керек дейт демилгечилер.

Давлатова бул мыйзамды бузуучулар тууралуу укук коргоочу кызматкерлерин маалымдоо механизмдеринин жоктугун айтууда. Мыйзам бузуу тууралуу кыздар өздөрү билдирбей, башка маалымдоо булактары бар болушу керек, дейт ал.

Эрте никеге туруу Насимованын пикиринде, ажырашуунун эң орчундуу себептеринин бири, анткени түгөйлөр үй-бүлөө курууга али даяр эмес. «Биздин гана үйлөнүү үлпөт сарайында 2009 жылдын жарымында 441 үй-бүлөө ажырашып кеткен. Былтыркы жылдын ошол мезгилинде 420 түгөй ажырашкан», -деди ал.

Демилгечилер менен адистер ар тараптуу күрөш аркылуу гана бул көйгөйдөн арылууга болот деген ойдо. Өтүмдүү мыйзам, жаш аялдардын укугу тууралуу так маалымдоо, ошондой эле алардын мектепти бүтүрүүсүн көзөмөлгө алуу. Бул иш-чаралардын натыйжасында гана кыздардын турмушун оңолот, деп айтууда кампаниянын катышуучулары.

Бозрикованын пикиринде, мындай стереотиптер менен каршы күрөштө аял эркек алардын ата-энелери менен комплекстүү түрдө иш алып баруу зарыл.

Бобосадыкова болсо, эрте никелешүүгө шарт түзүп берген “өзгөчө кырдаал” деген мыйзам-



дын бөлүгүн алып салып, ал кырдаалды шылтоолоп туура эмес колдонуудан баш тартуубуз керек деди.

Тажикстандын тергөөчү аялдар Лигасынын аткаруучу башчысы Зебо Шарифованын оюу боюнча, аялдардын укуктук сабатынын деңгээли жогорулабаса, маселе чечилбейт. Бул айыл жергесине өтө маанилүү. Алыскы райондордо өз укугу жөнүндө маалымдалган аялдар аз, же такыр эле жокко эсе.

«Алар үй-бүлөлүк мыйзам, жарандык укук мамилелери дегенди билбейт, андыктан өз жаш кыздарын экинчи аялыкка, токолдукка ойлонбой беришүүдө», -деп кошумчалады Шарифова.

Бозрикова көп жагдайлар мыйзамды аткаруу сапаттулугуна байланыштуу деген оюу бар. Жаш кыздардын билим алуусуна тоскоол болгон, аларды эрте никелешүүгө кыйнаган адамдар сейрек учурларда гана жоопкерчиликке тартылат.

Анын оюу боюнча, никелешүү курагын узартуу жашынан эрте үйлөнүүнү токтото албайт. Бул мыйзамды толууктоодон тышкары өлкөдөгү жакырчылык менен күрөшүп, адамдардын аң-сезимин ойготуу керек. Бирок бийлик пайдалуу өтүмдүү укук коргоонун негиздүү системасын түзүп алса, кырдаалды көзөмөлдөөгө алы жетет.

# Тажик аскерлери минадан жараат алгандыгы үчүн компенсация алуу укуктарын коргоп жатышат



*Минадан жабыркаган мурунку аскер кызматкерлери, мамлекет аларга көңүл кош мамиле кылууда деген ойлорун айтышууда.*

**Аслибегим Манзаршоева, Душанбе ш.**

Тажик куралдуу күчтөрүнүн миналык жарылуудан жабыркаган мурунку аскерлер кызмат өтөп жатып алган жарааттары үчүн компенсациянын бир топ бөлүгүн бийлик кармап калууда деп наразы болушууда.

1995 жылы Джафар Нозимов өлкөнүн чыгышындагы Тавильдар аймагындагы оппозициялык чалгынчы топтор менен болгон күрөштө бийлик аскерлеринин арасында кызмат кылган. Күндөрдүн биринде-мурунку күнү минанын жарылуусунан каза тапкан эки жеткинчек баланын сөөгүн алып чыгам деп, өзү да минаны басып алып, бутунан айрылган.

Ал окуядан кийин жигит кийинки аскер кызматын аткарууга жараксыз деп саналып калды. Нозимов: «Мен аскер бөлүгүнө, андан соң аскер комиссариатына, Коргоо министрлигине, Аскер Прокуратурасына бир нече жолу арызым менен кайрылдым. Бардыгы эле камсыздоо акысын жана бир жолку жардам акчасын төлөп бербейбиз, анткени сиз биздин тизмеде жоксуз деген куру шылтоону айтышты дейт».

Нозимовдон башка Тажикстанда минадан жаракат алган 90 аскер кызматчысы жана аскер кызматын өтөп жатып мина жарылуусунан каза болгон 40 аскердин үй-бүлөөсү бар. Алардын көбү тиешелүү компенсация албаганын айтып даттанышты.

Тажикстандагы 2003 жылы түзүлүп, БУУ тарабынан мина зыянсыздандыруу программасын каржылаган өкмөттүк мекемегелердин тобуна кирген миналарды зыянсыздандыруу Борборунун маалыматы боюнча, 1992 жылдан баштап 350 адам ар түрдүү жарааттарды алып, 450 адамга жакыны минадан жана зыянсыздандырылбаган курал жарактардан курман болгон.

Алардын көбү мал айдап чыгып, айыл чарба иштерин аткарып, отун чогултуп жатып белгиленбеген мина аймактарында кокусунан мина басып алган карапайым жарандар. Жабыркагандардын үчтөн бир бөлүгү- балдар.

Минаны зыянсыздандыруу Борборунун саноолору боюнча каза болгон жана жаракат алгандардын ондон бир бөлүгү гана ал убакта куралдуу күчтөрдүн катарында кызмат өтөшкөн.

Жөө аскерлерге каршы миналар Тажикстанда үч ар башка тарыхый мөөнөттө үч ар түрлүү бөлүктө коюлган. Бул-80 жылдары афган чек арасын бойлото совет аскерлери тарабынан, 1992-1997 жылдары жарандык согуш учурундагы чыгыш Рашт өрөөнүндө катылган жана 1999-2000 жылдары өзбек аскерлеринин Тажикстан менен чектеш аралыкта ислам душмандарынын кол салуусуна каршы коюлган миналар.

Минанын жарылуусунун акыркы курмандыгы 26 жашар мухаммад Ерахманов болду. Ал Тажикстандын түштүгүндөгү Дарваз районундагы жарылуунун кесепетинен көзүнөн айрылган.

Ал эми Талабшо Косимов, Нозимовдой эле, 10 жыл мурунку жарандык согуш учурунан бери компенсациясын ала албай жүрөт. Аскерге чакыртылган жигит 1996 жылы минаны зыянсыздандырып жатып бутунан айрылган. 9 ай госпиталда жатып чыгып Косимов минанын курмандыктарына тиешелүү камсыздоо акысын жана бир жолку акчаны алган жок. Анда бөлүктүн командири ага эмес кызмат өтөп жаткан офицерлерге айлык маянасын төлөп берүүгө акча табылбай жатканын айткан. Ал эми Косимов аскерден бошоп кеткени аскер жетекчилиги, ал жөнөкөй жаран болгондуктан төлөтүүгө укугу жок экенин айтты. Аны Кулоб районунун жергиликтүү башкаруу органына жиберишти. Ал жерден жигитке майыптыгы боюнча айына 18 долларды



түзгөн расмий жашоо минимумунан аз акча жазып беришти.

Косимов жергиликтүү бейтапканада иштеп, пенсиясына бир аз кошумча каражат табат. Анын жашоосу өтө кыйын. «Мен үч баланын атасымын, айлык акымды пенсияма кошсом да аларды багууга жетпей жатат»,-деп арызданды ал.

Косимов менен Нозимов Коргоо министрлиги бизден жеңил кутулду дешүүдө. Алар өткөн жана азыркы камсыздоо акыларын төлөөнү талап кылышууда.

Нозимовдун айтуусунда, мурунку аскер кызматчылары ар түрдүү топтун майыптары болгонуна карабастан бири да эч кандай компенсация алган жок.

«Көп жигиттер иштөө мүмкүнчүлүгүнөн айрылышкан бирок, иштегилери келет. Анткени алардын майыптыгы боюнча чакан пенсиясы үй-бүлөнү багууга жетпейт», – деп кошумчалады ал.

Нозимов “жаракат алып кызматтан четтетилген аскерлерге бир жолку төлөп берүү акысы төрт жыл мурун 30 пайызга кыскарбаганда бүгүнкү күндө ал 450 долларды түзмөк”,-дейт.

Өзүнүн IWPRге жазган катында Коргоо министрлигинин өкүлдөрү: Мыйзам тарабынан каралган камсыздоо акысы жана бир жолку төлөп берүү акчасынан эч ким танган жок,-деп билдирген.

Билдирүүдө 2005 жылдагыдай эле Коргоо министрлиги төлөп берүүлөрдү камсыздоо мекемелери аркылуу каржылайт, ал эми белгилүү аскер бөлүмдөрү ошол жерден жараат алган аскер кызматчыларына бир жолку акыны убагында төлөп берүүгө милдеттүү деп жазылган.

Аскер штабынын инженердик бөлүгүн башкарган генерал-майор Абдукахор Сатторов, “бүткүл аскер бөлүгү ар түрдүү кырсыктардан камсызданган”,- деп кошумчалады.

Штабдын иш алып баруу координатору Парвиз Мавлонкуловдун айтуусунда, азыркы учурдагы мина зыянсыздандыруу Борборунун жумушун аткарып жатып, жаракат алган ар бир аскер камсыздандырууну төлөтүп алууга жана бекер дарыланууга акылуу. Төлөп берүүлөрдүн көлөмү алган жаракатынын оордугуна байланыштуу, ал эми курман болгон аскердин туугандары 20000-25000 долларга жакын алаарын билдирди.



Бул төлөп берүүлөр Миналарды зыянсыздандыруу Борбору жана анын донорлору тарабынан бөлүнөт. «Коргоо министрлиги да сөзсүз көмөк көрсөтөт, бирок Тажикстандагы кырдаалды өзүңөр билесиңер. Алар берген акы камсыздоо мекемелери берген акчадан бир топко аз»,-деди Мавлонкулов.

Ал эми бул чектелген мөөнөттөн мурун майып болгон аскер кызматчылары Коргоо министрлиги жана башка өкмөт мекемелеринен компенсация алууга тийиш.

Нозимов айткандай Коргоо министрлигинин башкармалары майыптардан кутулуунун айласын издеп алардын арыздарын жергиликтүү жетекчиликтин дарегине жиберүүдө, ал эми ал өз учурунда майып болгондорго жардам берүүнү каалабайт. «Биз мындан башка кимге кайрылаарыбызды билбей калдык», – дейт ал.

Нозимов башка аскер кызматчылары менен бирдикте уюм түзүп, татыктуу компенсация алууну көздөйт. Бул топ жабыркаган мурунку аскер адамдарга юридикалык жактоочулук кеңеш берип, аларга жумуш издөөдө, үй-бүлөлүк маселелерди чечүүдө жардам көрсөтөт.

Бул уюм биринчи кадамдарды жасап жатат. Анын жолунда көптөгөн каражат маселелери чечилбей турат. Анын демилгечилери Коргоо министрлигине кеңсе бөлүп берүүнү өтүнүп кайрылууда. Бирок Коргоо министрлиги согуштун курмандыктарын коргогон көп уюмдар бар деп, аларга жардам көрсөтүүдөн баш тартты.

Министрликтин өкүлү IWPRге аларды санап өттү: бул Улуттук майыптар ассоциациясы, Дүлөй-дудуктар коому жана протез даярдоочу фабрика.

Ага карабай Мавлонкулов бул демилгени кубаттайт, анткени жаңы ассоциация өзүнүн мүчөлөрүнүн кызыкчылыгын жактап, донорлор тарабынан каржылоо табышы мүмкүн.

# Пахта талааларында балдар эмгегин колдонууну алып салуу мүмкүнбү?

*Өзбек фермерлеринин айтуусунда, эгер аларга бийлик эркиндик берсе, пахтаны балдардын жардамысыз эле чогултуп алышмак.*

**Борбор Азиянын IWPR кызматчылары**

Сентябрь айынын ортолорунда көз карандысыз массалык маалымат каражаттары жана укук коргоочулар пахта чогултуу кампаниясы башталганы, талаада балдар менен чогултууну буйрук берген. Бул салтту ыкма жалпы ийгилик үчүн өз ыктыяры иштөө дегенди билдирет. Өзбекстанда ал ыкма илгертен бери эле балдар эмгегин күчтөп колдонууга айланган.

2008 жылга чейин иш жүзүндө балдар эмгегин колдонуу кеңири жайылган. Пахта талааларына кыйнап 8-9 жашар эресеге жете элек балдарды чыгарышкан. Анын айынан эл аралык коомчулук бир нече жолу балдар эмгегин колдонууга каршы чыккан.

Былтыркы жылдын сентябрь айында өзбек бийлиги пахта талааларындагы балдар эмгегине тыюу салынганын жарыялашты. Алар БУУнун "Балдарды зордоп иштетүүнүн эң оор формасын" жана "Жаш курагынан эрте жумушка кабыл алуу" Конвенциясын ратификациялагандын билдирди.

Бул чаралар кездемелерден кийим тиккен АКШ жана Улуу Британиялык ири импортерлор жана сатуучуларынын бойкотунун айынан аргасыз жасалган. Алар расмий Ташкентти пахта талааларында балдар эмгегин колдонгонун сынга алып, наразылык иретинде өзбек пахтасынан жасалган кийимдерди сатып албоого үгүттөшкөн.

2009-жылдын май айында окуучулар дагы эле пахтада иштеп жатат деген билдирүүлөр келе баштаган.

Кээ бир фермерлер балдар эмгегинен арылуу мүмкүн." Эгер бийлик өкүлдөрү айыл чарба тармагында реформа жүргүзүп, дыйкандарга өз алдынчалык берип, стратегиялык өсүмдүкккө мамлекеттик тапшырманы алып салуу керек" дешүүдө.

Бул жылы өкмөт үч жарым миң тонна пахтадан кем эмес чогултууга буйрук берген.

«Азыр өлкөдө жумушсуздуктун деңгээли жогору, жумушсуздарды жалдоо мардикор-базарлары иштебеген адамдарга толгон, эгер бийлик аларды чогултуп талаа-





пайда боло баштады деп билдире баштады.

«Мектептер үчүн пахта терүү нормалары коюлат, ал эми бир мектептин мүдүрү окуучу балдарын талаага алып чыгуудан баш тартса, аны жумуштан алып салабыз деп коркутушту»,-дейт Фергана өрөөнүнүн тургуну.

Өзбекстандын маалымат булактары 22 сентябрда Өзбекстандын премьер-министри Шавкат Мирзияев акимдер, бардык аймактардын коопсуздук кызматынын жетекчилери менен чогулуш өтүп аларга пахтаны "ашар" ыкмасы

га чыгарса, балдар эмгегин колдонбой эле каатчылыктан чыгып кетмекпиз»,-дейт Ташкент областынын пахтачысы.

Албетте мындай идеяны ишке ашыруу үчүн кошумча каражат керек, анткени талаага чыккан көп сандагы жумушсуздарга акча төлөп берүү абзел. Бирок ошондо гана иш алдыга жылып, тез аяктайт, деген ойдо дыйкан.

Ар бир өзбек фермеринин банкта жеке эсеби бар. Ага мамлекеттик компаниялар сатып алгандан түшкөн акча каражаты чогулат. 2008 жылы бир килограмм өзбек пахтасынын сатып алуу наркы 400сумду (26 цент) түзгөн. Бул жылы бийлик дыйкандарга 502 сум (33цент) төлөп беребиз деген убадасын берди.

Бул эсептеги акчанын бир бөлүгү пахта чогултуучуларга акы катары төлөп берет, бирок акчаны накталоо өтө кыйын анткени дыйкандардын айтымында өзбек сумун алууга чектөөлөр бар.

«Эгер фермерлерге эркиндик берилсе, алар өз жеке эсебиндеги акчасына өздөрү ээ болмок. Анда пахтаны балдарсыз эле чогултууга кудурети жетмек»,-деп маекке борбордук Джизак областынын пахтачысы кошулду. "Бизден канчалаган адам Казакстанга пахта тергени кетип жатат, анткени ал жакта пахтачыларга көп төлөп беришет".

Пахта өстүргөн коңшу Кыргызстан менен Казахстанда жалданма жумушчуларга килограммына 11-15 цент төлөнөт. Ал эми 2008 жылы Өзбекстанда чогултулган бир килограмм пахтага балдарга 2,5 цент чоңдорго 3,5 цент төлөнгөн. Айыл чарба тармагы балдар эмгегин колдонууну заманбап технологиялар менен деле алмаштырса болмок.

«Өткөн кылымдын 90 жылдарынын башында биздин пахта терүүчү мыкты техникабыз бар эле. Мисалы 1991 жылы бир да бала талаада иштеген эмес. Пахтаны машина терип кеткен»,-деп эстейт өлкөнүн түндүк батышындагы Хорезм областынын тургуну.

# Өзбек бийлиги укук коргоочуларга каршы бардык бурамаларды бекитти

*Демилгечилер демонстрация өткөрүү үчүн мыйзамдын мүчүлүштүктөрүн издөөдө.*

**Баходир Намозов, Ташкент ш.**

Өзбекстандын укук коргоо уюмдары ачык-айкын наразычылык акцияларын өткөрүп, мыйзам сактоочу органдар менен ачык тирешүүгө чыгуу, же тынч, бийликтин көзүнө көрүнбөй унчукпай үйдө отурууну аргасыз тандоого дуушар болушту.

Өзбек укук коргоо уюмдары эч качан юридикалык жактан таанылбай, алардын мүчөлөрү куугунтуктоого кабылып кудуреттүү полициялык мамлекеттин көлөкөсүндө калды.

WPR сурамжылаган уюмдардын мүчөлөрү, аларга каршы колдонулган чаралар жөнүндө айтып өтүштү. Бул көзөмөлдөөдөн баштап, кол салуу жана камакка алууга чейин баруу болуп саналат.

Джизак областынын активинин бири анын кесиптештери такай кө-зөмөлдө турат жана бийликти сындап чыгары менен ал көзөмөл күчөөрүн айтты.

«Акыркы убакта укук коргоочуларды күч колдонуучу органдар тарабынан куугунтуктоо күчөдү», -деди ал.

Анын кесиптешин жакында эле Улуттук Коопсуздук Кызматына чакырып, “көзүн тазалоо маегин” жүргүзүштү. Чындыгында мындай маектер аркылуу коопсуздукту сактоочулар коркутуп-үркүтүп же адам укук коргоо иш аракеттерин токтотсо ага түрдүү жеңилдиктер берилет деген убадаларды айтып баштайт.

Ошондой эле демилгечи, анын кесиптешинин үйүнүн короосунда автомобилдер такай күзөттө турарын билдирди. Ал эми андагы аскердик эмес кийинген милиция кызматкерлери укук коргоочуга келген кардарларга, “арызданып жарандык демилгечилерге эмес, мамлекеттик органдарга баруу керек” деп үндөөрүн айтты.

Андан тышкары коопсуздук кызматы татаалыраак ыкмаларды колдонуп, укук коргоочулардын чөйрөсүнө кирип алып алардын мамилесин бузган тыңчыларды даярдайт.

«Биз татаал шарттарда жашайбыз. Мамлекеттик органдар укук коргоочуларды өз ара уруштуруу максатында алардын арасында түрдүү ушактарды таратат»,- деди ал.

Бир жолу укук коргоочу уюмдун мүчөсүн суракка чакырып, андан соң бийлик өкүлдөрү ал уюм сатылып кетти деген ушак чыгарган. «Албетте, мындай учурларда укук коргоочулардын арасында бири-биринен шекшинүү пайда болот», -.деп кошумчалады.

Коркуу сезимине карабай, укук коргоочулар маал-маалы менен коомчулуктун маалымат алуу денгээлин жогорулатуу максатында каршылык акцияларын жүргүзүп турат.

Анын айынан коомдук чогулуштарга тыюу салган Өзбекстандын репрессиялык мыйзамына тике күрөшкө чыгышат.

Көчөдө каршылык иш чарасын өткөрүү үчүн атайын уруксат талап кылынат. Укук коргоочу жана башка уюмдарга негизинен андай чараларды өткөрүүгө уруксат берилбейт. Катталбаган чогулуш өткөргөн чогулушка сөзсүз полиция кийлигишет.

Бул мыйзамдын жобосун бузбоо максатында демилгечилер “пикет” аттуу чакан акцияларды өткөрүшөт. Анткени пикетке мыйзам тарабынан тыюу салынган эмес.

Ага болбой чогулуштун катышуучулары репрессияга кабылат. Былтыркы жылдын декабрь айындагы Ташкентте өткөн Генералдык прокуратуранын имаратын пикеттөө өкүлдөрүн курчап, полиция бөлүмүнө алып кетишкен.

Бийлик даярдалып жаткан каршылык акциясы жөнүндө кулак кагыш болсо, алар анын өткөрүлбөөсү боюнча чара көрө баштайт. Укук коргоочулардын 2005 жылкы андижан трагедиясынан күнөөсүз курман болгондорду эскерип, 13 майда Ташкенттеги Эрдик монументине гүлчамбар коюу акциясы жөнүндө угуп, кээ бир демилгечини күн мурунтан эле камакка алып, калгандарын үйдөн чыгарбай коюшкан.

Ташкенттеги “Абийир туткундары комитетинин” жетекчисинин айтуусунда ал үйдөн чыгып жаткан учурда ага эки адам келип: “Угушубузча сиз, бул акциянын уюштуруучулардын бирисиз.эгер сиз үйдөн чыксаңыз биз сизди камакка алууга аргасыз болобуз”,- деп айтышкан.

Эки укук коргоочу монументке гүл коюуга үлгүргөн , бирок аларды милиция кызматкерлери кармап калган.

Бул күндү өкмөт эстегиси келбейт. 2005 жылдын 13 майында Фергана өрөөнүнүн чыгышындагы Андижан шаарындагы каршылык демонстрациясына каршы бийлик ок атып, жүздөгөн тургундар жабыркаган. Бул окуядан кийин камоо толкундары өтүп, ага тиешеси бар шектүү деп табылган

Өлкөнүн эки тарабында жашаган эки укук коргоочу биригүүдөн пайда чыкпаарын айтты. Андай каршылык балким, тескери натыйжага алып келиши мүмкүн деп эсептешет.

«Эгер мыйзам чегинде сүйлөсөң мамлекеттик органдар жана акимдер эч кайда бара албайт. Ал эми көчөгө чыгып наразычылыгыңды билдирдиң дегиче балээге калдың. Бизге келе жаткан адам да коркконунан качып жөнөйт»,-дейт ал.

Мамилелердин жылышына карабай андижан окуясына көз карандысыз тергөөнү талап кылган өлкөнүн батыш мамлекеттерине каршы мамилеси дагы деле мамлекет башчылары менен укук коргоочулардын тирешүүсүндө байкалат.

«Укук коргоочулар АКШ менен батыш державаларынын жалданма тыңчылары, алар ар бир өткөргөн чыр-чатагы үчүн грант алып турушат»,-деди ИИМдин терроризм жана радикалдуу ислам экстремизмге, диссиденттерге каршы күрөш бөлүмүнүн кызматкери.

Анын сөзү боюнча, милицияга каршылык көрсөтпөгөн демилгечилерге да орой мамиле уруксат берилген буйрук бар.

Саясат таануучу Камрон Алиевдин айтымында мындай уюмдардын каржылоо колдоо алганы –бул жомок.

«Укук коргоочулар алган ири акчалар-калп сөздөр. Эгер кааласаңар укук коргоочуларды АКШнын гана тыңчысы эмес, Турция, Пакистан, Япония жада калса Монголиянын тыңчысы деп койсоңор болот», - деп кошумчалады ал.

«Бул атайын кызматынын ойлоп табуулары. Бул сөздөр душмандын образын жаратууга жана элди демократия жана укук коргоочуларга каршылатуу максатында айтылат. Мен байып кеткен бир да укук коргоочуну көрө албадым. Алардын оппоненттери акимияттын башчылары жана мыйзам жактоочулага караганда алар жупуну эле жашайт», -деди Алиев.

(Суралгандардын аттары алардын коопсуздугу үчүн аталган жок.)

## БИЗДИН ШЕРИКТЕШТЕР:

# КАЗАХСТАН

**Казакстан Адам укугун жана мыйзамдуулукту коргоо эл аралык борбору**

Башкы кеңсеси КМБПЧ
Алматы ш., 8 мкр. 4-а үйү, 423 к
Тел.: +7 727 225 42 71
E-mail: roza@bureau.kz
www.bureau.kz

**MediaNet эл аралык журналистика борбору**
Алматы ш.,
Казыбек би к., 50, 100 к
Тел.: +7 727 2724829
E-mail: abramov@medianet.kz
www.medianet.kz

**«ТВ-батыс-инфо» КУ**
Атырау ш., Махамбет к., 118 Б
Тел.: +7 7122 326813
E-mail: batys-info@mail.ru,
v.s.lee@mail.ru

---

**«Десента» фонду (Павлодар)**
Павлодар ш.,
Исиналиева к., 1, 210 к
Тел.: +8 7182 329085
E-mail: yainebo@gmail.com
www.decenta.org

**«Голос свободы Центральной Азии» аймактык укук коргоочу портал**
Voice of Freedom Central Asia
Тел.: +7 727 2724829
E-mail: vyacheslav.abramov@gmail.com
www.vof.kg

**«Комсомольская правда в Казахстане» Гезити**
Алматы ш., Отеген-батыр к., 21А
Тел.: +7 727 2774842
E-mail: komskz@mail.ru
www.kp.kz

---

**«Третья грань» журналы**
Павлодар ш, 1 Май к., 40, 1 к
Тел.: +8 7182 329085
E-mail: yainebo@gmail.com
www.decenta.org/publish

**Укук саясатын изилдөө борбору**
Алматы ш.,
Манас к., 34А/8А, 403 к
Тел.: + 7 727 244 8373, 244 8374
E-mail: info@lprc.kz
www.lprc.kz

**Павлодар аймактык журналистиканы коргоо борбору**
Павлодар ш, М.Горький к., 102/4, 318 к
Тел.: +7 7182 622580
E-mail: shomshekov@gmail.com
www.presscenter.kz

---

**«Тілші» Аймактык журналистика борбору**
Актөбө ш.,Чекалин к., 34-54
Тел.: +7 701 3027907
E-mail: aktleuov@list.ru

**«MEDIALIFE» КФ**
Караганда ш, Алиханов к., 8а
Тел.: + 7 7212 425195
E-mail: ovolkova@topmail.kz
www.medialife.kz

**«Диалог Талдыкорган» Гезити**
Тел.: +7 7282 211631
E-mail: ba4evskaja_yana@mail.ru

---

**«FORPOST» Эркин журналистиканы коргоо ордени**
Тараз ш, Абай к., 98, 3 кабат, 304 к
Тел.: +7 7262 437842
E-mail: orden_forpost@mail.ru

**«Адил Арка» Аймактык ММКколдоо фонду**
Петропавловск ш.,
Казакстан Конституциясы к., 2., 5 к
E-mail: zaure-zhumalieva@rambler.ru

**Түндүк казакстан укук коргоо медиа-борбор**
Астана ш., Бебитшилик к., 25, 308 к
тел./факс: +7 7172 910588
E-mail: kstmedia@mail.kz

## ТАДЖИКИСТАН

**«Мадина» ӨэУ**
Хорог ш., Ленин к., 137, 8 б
Тел: + 992 3522 24360, 24987
E-mail: ngomadina@mail.ru

**Көз карандысыз Массалык маалымат Каражаттарынын улуттук ассоциациясы**
Душанбе ш.,Хусейнзода к., 34-415
Тел: + 992 372 2213711, 2233058
E-mail: nansmit@tojikiston.com
www.nansmit.tj

**«Наджоти Кудакон» Коомдук уюму**
Куляб ш., Борбад к., 13
Тел: 2 52 35;2 63 09, 918 67 80 02
E-mail: farzona52@mail.ru

---

**Адам укугун коргоо борбору**
Душанбе ш., Чехов к., 1/4 , 1 б
Тел: +992 372 4442943
E-mail: khalilov2002@mail.ru

**UNIFEM Айымдар фонду**
Душанбе ш., Хусейнзаде к., 35
Тел: +992 372 2211831, 2210645
E-mail: Unifem@tajnet.com

**Душанбедеги ОБСЕ борбору**
Адам укугу боюнча бөлүм
Душанбе ш, Ахмади Дониш к., 18А
Тел: +992 37 2265014, 2265015

---

**«Дилафруз» ӨэУ**
Коргон-Төбө ш., Борбад к., 3а /29
Тел: +992 3222 32274, 22776
E-mail: rayhona@kt.rs.tj

**«Азия Плюс» Коомдук саясий гезити**
Душанбе ш., Саади Шерози к., 16, 1-чи кабат
Тел: +992 44 6007108; 6007110
E-mail: gency@asiaplus.tj

**Эл аралык Эмгекти уюштуруу коому**
Тажикстандагы балдар эмгегин колдонууга каршы долбоор
Душанбе ш., Айни к., 39,
Тел: +992 47 4410641,
+992 47 4410646
E-mail: khosabekova@ilo.org

---

**«Молодёжь и цивилизация» ӨэУ**
Худжанд ш., Ленин к., 42, 406 б
Тел: +992 3422 61770, 61790
E-mail: siyc@yandex.ru
www.humanrights.tj

**Общественно политическая газета «Фараж»**
Душанбе ш., Саади Шерози к., 16
Тел: +992 372 385877
E-mail: faraj-73@mail.ru

**«Tajik times » Коомдук саясий гезити**
Душанбе ш., Мушфики к., 60/1
Тел: +992 37 2381384, 2340665
E-mail: tajiktimes@yahoo.com

---

**Адам укугун жана мыйзамдуулукту коргоо борбору**
Душанбе ш., Рудаки к., 137, 6 б
Тел: + 992 372 2285110
Худжанд ш., Ленин к., 6, 1 б
Тел: + 992 3422 43206
E-mail: bhr.taj@gmail.com

**«Паём» КУ маалымат агенттиги**
Коргон-Төбө ш., Борбад к., 1/15
Тел: +992 3222 25325
E-mail: sotiev@tajik.net
www.payom.tj

# БИЗДИН ШЕРИКТЕШТЕР:

## КЫРГЫЗСТАН

**Кыргыз Республикасынын омбудсменин Институту**
Бишкек ш, Тыныстанов к., 120
Тел.: +996  312 663141
E-Mail: ombudsman@inbox.ru

**Медиа өкүлчүлүк институту**
Бишкек ш., Тынчтык пр., 44/1
Тел.: +996 312 595467, 595128
E-Mail: akmat@media.kg

**ММК түшкөн арыздарды териштирүү комиссиясы**
Тел.: +996 775 981091
E-Mail: nvsk2006@mail.ru
e-mail: gvalentina01@gmail.com

---

**«Справедливость» Укук коргоо уюму**
Бишкек ш., Эркиндик б., 35,18
Тел.:   +996 312 662587
E-Mail: cdrl2008@gmail.com

**Журналисты КУ**
Бишкек ш., Ш.Руставели к., 48, 10
Тел.: +996 312 563463
E-Mail:  tokoevm@mail.ru

Кыргыз Республикасы
Бишкек ш., 720040, а/я 127,
тел.-ф. : +996  312 662587,
e-mail:crdl2008@gmail.com

---

**«Кылым Шамы» Адам укугун коргоо борбору**
Бишкек ш., Л.Толстой к., 114,  408 к
Тел.: +996 312 659431; 245976
E-Mail:  abdirasulova@mail.ru

**«Сорос-Кыргызстан» фонду**
Бишкек ш., Логвиненко к., 55-а
Тел.: +996 312 663475, 622655
E-Mail: office@soros.kg

---

**Коомдук саясат институту**
Бишкек ш., Исанов к., 42/1
Тел.: +996 312 682836
E-Mail: office@ipp.kg

**«Гражданское общество против коррупции» КУ**
Бишкек ш., Московская к., 158/11
Тел.: +996 312 318645, 628091
E-Mail: info@anticorruption.kg

---

**«Голос свободы» КУ**
Бишкек ш., Советская к., 204, 4 –кабат
Тел.: +996 312 906240
E-Mail: bagishbekov@gmail.com

**«Коалиция за демократию  и гражданское общество» КУ**
Бишкек ш,, Токтогул к., 214
Тел.:  +996 312 31 03 53
E-Mail: coalitionkg@gmail.com

---


**«Адилет» Коомдук фонд-кукту клиникасы**
Бишкек ш., Үмөталиев к., 39
Тел.: +996 312 653513
E-Mail: legal@elcat.kg

**Жаштардын укук коргоочу тобу**
Бишкек ш., Московская к.,41 Б, 8 б
Тел.: +996 312 47-98-40
E-Mail: spinstyle@yandex.ru

**Institute for war & peace reporting**
48 Gray's Inn Road
London,WC1X 8LT,UK
Tel: (44 20) 7831 1030
Fax: (44 20) 7831 1050
Web: www.iwpr.net
E-mail: info@iwpr.net



**Представительство IWPR в Кыргызской Республике**
Кыргызская Республика,
г. Бишкек,720017
ул. Тоголок Молдо, 18-2
Тел: +996 312 66 44 53, 61 38 70
Факс: +996 312 61 38 70
E-mail: iwpr.kyrgyz@iwpr.net



**Представительство IWPR в Республике Казахстан**
Республика Казахстан,
г. Алматы, 050000
ул. Казыбек би, 50
2-ой этаж, офис 84
Тел.: +7 727 272 59 03,272 64 21, 272 68 90
E-mail: iwpr.kazahstan@iwpr.net



**Представительство IWPR в Республике Таджикистан**
Республика Таджикистан,
г. Душанбе, 734003
пр. Рудаки,137 «Точикматлубот», 6 этаж
Тел.: +992 372 247026
Тел./Факс: +992 372 247051
E-mail: iwpr.tajikistan@iwpr.net

IWPR несет полную ответственность за содержание данной публикации, которое никоим образом не отражает взгляды стран Европейского Союза